08.11.2021
№2 пед.кеңешменин

БЕКИТЕМИН
Мектеп директору:
Исанова Ж.М

**2021-2026-жылдарга карата өнүктүрүү программасы** – мектептин өнүгүүсүнүн реалдуу абалын, жетишкендиктерин жана көйгөйлөрүн; өнүгүүнүн негизги тенденцияларын; окуучулардын билим алуусуунун негизги максатын, милдеттерин жана багытын; негизги пландалган акыркы натыйжаларды; аталган программаны аткарууну баалоо критерийлерин мүнөздөгөн ченемдик-башкаруу документи болуп саналат.
«Ийгиликтүү муундун мектеби» өнүктүрүү программасы (мындан ары - Программа) «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Мектептин Уставы, Баланын укугу жөнүндө конвенция, Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясына ылайык иштелип чыкты.

Программа мектептин билим берүү процессинин жана социалдык чөйрөсүнүн бардык кызыкдар субъектилеринин аракетин бириктирүүгө, мектептин билим берүү чөйрөсүнүн негизги багыттарын аныктоого, мектептин педагогикалык жамаатынын ишин жакшыртууга багытталган.

Программаны ишке ашыруунун негизине администрациянын ишинин башкаруучулук максаттуулугун жана кызматчылардын чыгармачыл демилгелерин айкалыштырыган ыкмалар кирген. Максатты жана милдеттерди аткаруу программаны ишке ашыруунун алкагында жүрөт, алардын ар бири билим берүү ишинин айрым көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган өз ара байланышкан милдеттерден жана иш-чаралардын комплексинен турат. Программаны ишке ашыруу боюнча педагогикалык жамааттын демилгелери педагогикалык долбоор катары таризделет. Программаны максаттуу ишке ашыруунун натыйжасы мектептеги иштин сапатын жогорулатуу болуп саналат.

**Программанын стратегиялык максаты:** Өзүнүн ийгиликтүү жашоосу үчүн жана коомдун бакубат, туруктуу өнүгүшү үчүн жеке жоопкерчиликти алууга даяр, коомдогу өзгөрүүлөргө ыңгайлашып кете алган, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн, атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды тарбиялоо.

**Негизги милдеттери:**

- бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүү социалдашуусуна багытталган мектептин иштөө моделин иштеп чыгуу;
- педагогикалык процессти уюштуруудагы жана мазмунундагы, ошондой эле билим берүүнү натыйжаларынын мүнөзүндөгү инновациялык өзгөрүүлөрдү камсыз кылган жогорку технологиялуу билим берүү чөйрөсүн түзүүнүн топтолгон тажрыйбасынын негизинде жаңы мамлекеттик стандарттарды аткарууга мектептин сапаттуу өтүшүн камсыз кылуу;
- мектеп, үй-бүлө жана социалдык чөйрөлөрдө, класстык жамааттарда билим берүүнүн түрдүү баскычтарында өнүккөн билим берүүгө муктаждыктары бар балдарды колдоону жана өнүктүрүүнү улантууну камсыз кылган зарыл шарттардын тутумун иштеп чыгуу;
- таланттуу окуучулардын өнүгүүсүнүн активдүү формаларын (изилдөөчүлүк, социалдык, көркөм долбоорлор) психологиялык, усулдук, социалдык, педагогикалык, медициналык колдоонун натыйжалуулугун сапаттуу жогорулатууну камсыз кылуу;
- натыйжасы келечектеги мектептин бүтүрүүчүсү үчүн көйгөйлөрдү чечүү компетенцияларынын, социумдагы жүрүм-турум эрежелеринин ченемдери жөнүндө билиминин жыйындысы болгон базалык жана профилдик класстардын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик өз алдынчалыгын аныктоо тутумун, аны кесиптик жана турмуштук кырдаалдарда натыйжалуу пайдаланууну жакшыртуу;
- үй-бүлө жана социум менен өз ара аракеттениши үчүн баланын КР жараны катары руханий–адеп-ахлактык өнүгүүсү жана тарбиялоо тутумунун формаларын жана ыкмаларын жакшыртуу;
- мамлекеттик-коомдук башкаруу формасын өнүктүрүү аркылуу мектептин билим берүү тутумунун натыйжалуулугун жогорулатуу;
- түрдүү потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү бар балдар үчүн байытылган өнүктүрүүчү

чөйрөнү өнүктүрүү боюнча билим берүү, маданий-эс алуу уюмдары жана социалдык өнөктөштөр менен тармактык өз ара аракеттенүүнү иштеп чыгуу.

Программанын күтүлгөн акыркы жыйынтыктары, маанилүү максаттуу көрсөткүчтөрү

- мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу;
- бир окуучуга окуунун жалпы күндөрүнүн санында оорусу боюнча калтырууларды төмөндөтүү;
- предметтик олимпиадаларга, конкурстарга жана мелдештерге катышкан окуучулардын үлүшүн жогорулатуу;
- окуучулардын психологиялык ыңгайлуулугунун жана социалдык көнүшүүсүнүн деңгээлин жогорулатуунун эсебинен ийгиликтүү социалдашуусу үчүн шарттарды түзүү;
- жыл сайын педагогикалык чеберчилик кесиптик конкурстарына мектептин жана педагогдордун катышуусу;
- окуучулардын жаракат алган, укук бузган учурлары болбогон кырдаалды сактоо;
- билим берүү чөйрөсүндө инновацияларды өнүктүрүү боюнча иш алып барган мекеменин позициясын түзүү.

## МЕКТЕПТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Мектепти өнүктүрүү концепциясы КР билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатынын негизги багыттарына ылайык, «Билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамына, баштапкы жалпы, негизги жалпы жана орто (толук) жалпы мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде мектептин Уставына ылайык иштелип чыкты.

Аталган концепциянын иштөө жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн төмөнкү иштер жүргүзүлдү:

- буга чейинки иш тажрыйбасына талдоо жүргүзүлдү;
- окуучулардын, алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн жана кичи райондун жашоочуларынын социалдык суроо-талаптары аныкталды;
- окуу жана тарбиялоо процесстерин уюштуруу жөнүндө алардын каалоолору жана эскертүүлөрү эске алынды жана иштелип чыкты;
- социалдык суроо-талаптарды канааттандыруу үчүн мүмкүн болгон ресурстар аныкталды жана талдандып чыкты;
- мекеменин кадрлык дараметине сапаттуу талдоо жүргүзүлдү, кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу багыты аныкталды, окуу планына жана программасына түзөтүүлөр киргизилди, окуу-усулдук куралдар жаңыланды;
- өнүктүрүү программасын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон башка ресурстар аныкталды.

Өнүктүрүү программасын ишке ашыруу ресурстары:

- мектепти башкаруу тутуму;
- мекемени башкаруу процессин демократизациялоо, ага билим берүү процессинин максималдуу сандагы катышуучуларын кошуу;
- кадрлык ресурс, аны кесиптик тандап алуу үчүн зарыл болгон чараларды кабыл алуу, педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу;
- укуктук камсыздоо, билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттерин регламенттеген жана жөнгө салган локалдык актылар;
- маалымат ресурсу – билим берүү процессинин катышуучулары жана коомчулук үчүн мектепте окуунун жана тарбиялоонун бардык тутумунун жеткиликтүүлүгү, ачыктыгы жана функционалдуулугу;
- материалдык ресурсу: мекеменин материалдык-техникалык базасын кошумча бекемдөө; окутуунун көчмө техникалык каражаттары менен камсыздоо, аймакты абаттоо.

Өнүктүрүү программасынын концептуалдык идеясы № 87 мектептин миссиясын аныктайт: өнүктүрүүчү билим берүү принциптерин натыйжалуу пайдалануу адеп-ахлактык жана маалыматтык-байланыш маданиятына ээ, окуу–таанып-билүү ишине кызыккан, дени сак жашоо обраыын жүргүзгөн жана окуу мекемесин аяктагандан кийин социомаданий чөйрөнү өзгөртүүгө оң таасир тийгизүүгө жөндөмдүү жаш адамдын инсандыгын калыптандырууга оң таасирин тийгинген билим берүү мейкиндигин түзүү.

Аталган программанын негизги парадигмасы № 87 мектептин билим берүү мейкиндигинде ар бир баланын гармониялуу өнүгүүсүн, анын чыгармачыл дараметин ачууну жана ишке ашырууну, анын алгачкы ийгиликтүү социалдашуусун камсыз кылган, дени сак, жаратмандык жашоо образын сактоону жана бекемдөөнү камсыз кылган технологиялык өнүгүүнүн ресурстук камсыздоо тутумун кошумча түзүү болуп саналат.

Мектептин педагогикалык жамааты ар бир баланын өзүнүн жөндөмүн аныктап, өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген шарттарды түзүү керек деп ишенет. Ошондуктан, «Ийгиликтүү муундун мектеби» өнүктүрүү программасында мектептин ар бир окуучусунун жөндөмүн аныктоого жана өнүктүрүүгө басым жасалат.

Кыргыз коомунун экономикасын модернизациялоонун жана инновациялык өнүктүрүүнүн стратегиялык милдеттерин чечүүнүн шарттарында окуучулардын талантын жана чыгармачыл жөндөмүн аныктоо, педагогикалык колдоо жана өнүктүрүү процессинде калыптанган демилгечилдиги, чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана стандарттан тыш чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүүлүгү, кесиптик жолун тандай билүүсү, окуп үйрөнүүгө даярдыгы мектеп бүтүрүүчүсүнүн эң маанилүү сапаттары болуп саналат. Бул үчүн кошумча билим берүү практикасын киргизүү, окуучуларды профилдик класстарга кабыл алууда жеке жетишкендиктерин эске алуу механизмдерин иштеп чыгуу зарыл. Ошол эле учурда калыптанып калган таланттуу балдарды колдоо тутумун өнүктүрүү керек.

Мектепти өнүктүрүү программасында ишке ашырылып жаткан негизги педагогикалык идеялар:

• негизги жана кошумча билим берүүнү;
• окутуу ишинин түрдүү формаларын;
• стандарттын талаптарын жана окуучулардын жеке жөндөмүн, шыгын;

ошондой эле, сабакта жана сабактан тышкаркы иштерде жаңы маалымат-байланыш технологияларын, электрондук окуу-усулдук комплекстерин, аралыктан окуу мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну оптималдуу айкалыштыруу.

Ар бир окуучунун ийгилигине багытталган мектептин билим берүү чөйрөсүн түзүү мекемеде ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын жана жеке окуу маршруттарынын, педагогдордун жана ата-энелердин аракетин, баланын өнүгүүсүн жана жалпы окуу жамаатынын баарынын улантуучулугун жана макулдашуучулугун камтыйт.

Мындай чөйрөнү түзүүнүн натыйжасы билим берүү мекемесинин мейкиндигинде бирдиктүү саламаттык сактоо жана маалыматтык-техникалык мейкиндик болуп саналат.

Билим берүү процессинин бардык субъектилеринин билим берүүчүлүк өз ара аракеттенүүсүнүн принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бир тараптан камсыз кылуучу шарттарды түзүү, экинчи тараптан билүүнү жана үйрөнүүнү каалаган ар бир окуучунун инсандыгын өнүктүрүү, ар бир педагогдун жеке чыгармачыл индивидуалдуулугун өнүктүрүүгө жана жалпы «командалык» иштин ийгилигине бирдей багытталган өз алдынча өнүгүүсү;
- негизги билимдин жана практикалык көндүмдөрдүн өздөштүрүлгөн тутумун пайдалануунун, так аныкталган жеке кызыкчылыктардын жана өнүгүү келечегинин негизинде ишмердиктин түрдүү чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү окуучулардын өз алдынча чечүү жөндөмүн өнүктүрүү;
- билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин суроо-талаптарын ишке ашырууну камсыз кылган билим берүүнүн «алдыга чыккан окуу, өнүгүү, диагностика» чөйрөсүн өнүктүрүү;
- окуучуларды мугалимдин ар сабак сайын баалоосуна алар түзгөн «портфолионун» негизинде окуучулардын өзүн-өзү баалоосун жана алардын социум үчүн жеке жетишкендиктеринин маанилүүлүгүн коомдук баалоону кошуу;
- базистик окуу планынан негизги жана кошумча билим берүүнүн, ошондой эле социалдык-пайдалуу иштин интеграциясында баланын окуу күнүн уюштурууну жөнгө салуучу базистик билим берүү планына этабы менен өтүү;
- мамлекеттик билим берүү стандартынын вариациялык бөлүгүн жана таланттуу балдарды аныктоого жана колдоого багытталган кошумча билим берүү программаларынын жыйындысын иштеп чыгуу;

- баланын жеке жана жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык заманбап билим берүү технологияларын колдонуу жаатында мектептин педагогикалык жамаатынын кесиптик компетенттүүлүгүн андан ары өнүктүрүү;
- бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик өз алдынча чечим кабыл алуусуна психологиялык-педагогикалык колдоонун диагностикалык жана консультациялык курамдык бөлүгү менен баланы билим берүү процессинде колдоо тутумун толуктоо;
- балдарды социалдаштырууда жардам көрсөтүү боюнча ата-энелер менен мектептин биргелешкен иши жаатында билим берүү мекемесинин мамлекеттик-коомдук башкаруу тутумунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- өзгөчө суроо-талаптары бар балдарды психологиялык-педагогикалык колдоодо алардын жеке жетишкендиктерин портфолио жана өнүгүүнүн диагностикалык карталары түрүндө колдоо диагностикасы жаатында мектептин билим берүү процессинин сапатын башкаруу тутумуна мониторинг жүргүзүүнү киргизүү;
- бүтүрүүчүгө жардам көрсөтүү боюнча шаардын мекемелери менен кызматташуунун негизинде тармактык билим берүүнүн моделин куруу жаатында мектептин социалдык өнөктөштүк чөйрөсүн өнүктүрүү.

Өнүктүрүү программасын ийгиликтүү ишке ашыруунун башкы шарты болуп мугалимдердин педагогикалык профессионалдуулугу менен мектеп окуучуларынын кызыгуусунун айкалышы саналат. Биринчиси педагогикалык жамаатты өнүктүрүү тутумун куруу менен камсыздалат. Экинчиси – окуучулар менен өз ара аракеттенүү үчүн алардын таанып-билүү кызыкчылыгын, жалпы билим берүүчү жана предметтик көндүмдөрүн, окуу процессинин эмоционалдык жагымдуулугун өнүктүрүүгө багытталгандыгынын эсебинен.

Мектептин "Ийгиликтүү муун мектеби" өнүктүрүү программасын ишке ашырууну КР инновациялык экономикасы талап кылган окуучулардын билимине болгон жогорку деңгээлдеги талаптарсыз элестетүү мүмкүн эмес. Мектептин мугалимдер жамааты жана ата-энелер коомчулугу концепциянын негизги идеяларына толук кошулат жана аларды билим берүү процессинин практикасында ишке ашырууну колдоого даяр, анткени бул учурда мектепти өнүктүрүүнүн социалдык натыйжалары төмөнкүлөр болот:
- билим берүүнүн алдыңкы өнүгүү максаттарына шайкештиги. Балдар жаңы нерселерди ойлоп табууну, түшүнүүнү жана өздөштүрүүнү, жеке ойлорун билдирүүнү, чечим кабыл алууну жана бири-бирине жардам берүүнү, кызыкчылыктарын түзүүнү жана мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүүнү үйрөнүү үчүн изилдөө долбоорлоруна жана чыгармачылык сабактарына тартылышат;
- бардык жаңы нерселерге ачык, балдардын психологиясын жана окуучуларынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн түшүнгөн, өз предметин жакшы билген "жаңы" мугалимдердин иши;
- мектептин ата-энелер жана жергиликтүү коомчулук менен, ошондой эле социалдык чөйрөнүн маданият, саламаттыкты сактоо, спорт, эс алуу мекемелери жана башка уюмдар менен тармактык өз ара аракеттенүүсү;
- мектепте педагогикалык процессти уюштурууда жана мазмунунда, ошондой эле окутуунун натыйжаларынын мүнөзүндө сапаттуу өзгөрүүлөрдү камсыз кылган жаңы, анын ичинде маалыматтык-байланыш технологияларды кеңири колдонуу менен заманбап маалыматка бай билим берүү чөйрөсүн түзүү;
- мектептин саламаттык сактоо чөйрөсүндө кошумча билим берүүнүн кеңири спектри менен окуучуларды жекече даярдоонун түрдүү моделдерин иштеп чыгуу;
- окутуунун бардык этаптарында билим берүүнүн жогорку сапатына жетишүү максатында мектептин бардык бөлүмдөрүндө заманбап маалымат байланыш технологияларын натыйжалуу колдонууну камсыз кылган шарттарды түзүү үчүн зарыл болгон иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- мектептин бардык категориядагы педагогикалык кызматчыларынын маалыматтык-байланыш технологияларын колдонуудагы квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл болгон жардамды көрсөтүү;
- мектептеги тарбия жана билим берүүнүн этаптарында окуучулардын өнүгүүсүн психологиялык, усулдук, социалдык, педагогикалык, медициналык колдоонун натыйжалуулугун сапаттык жогорулатууну камсыз кылуу;
- бардык окуучулардын жеке чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып берүү үчүн кошумча билим берүү чөйрөсүн кеңейтүү.

# МЕКТЕПТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ АНАЛИТИКАЛЫК МААЛЫМКАТ

№ 87 МЕКТЕПТИН ПРОГРАММАНЫ ИШКЕ АШЫРУУ ДАЯРДЫГЫНА ТАЛДОО

№ 87 жалпы орто билим берүү мектеби окуучуларды окутууга жана тарбиялоого, ошондой эле алардын мүмкүнчүлүктөрүн, жеке шыгын, жөндөмүн эске алуу менен физиологиялык, психологиялык, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүн, билим алуу муктаждыктарын өнүктүрүүгө багытталган. Бул ар бир окуучунун жалпы билим берүү, акыл-эс, адеп-ахлактык жана физикалык өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу жетишилет.

№ 87 жалпы орто билим берүү мектеби баштапкы, негизги жана орто (толук) жалпы билим берүү программаларын ишке ашырган билим берүү мекемеси болуп саналат.

Билим берүү процессинин концепциясы билим берүүнүн негизги парадигмаларына ылайык мектептин туруктуу максаттуу өнүгүү зарылдыгын жана билим берүүгө болгон социалдык суроо-талапты канааттандыруу зарылдыгын түшүнүүгө негизделген.

Акыркы 10 жыл ичинде мектепти өнүктүрүү процессин башкарууну мектеп моделин көп деңгээлде жиктөө менен (2016-2021-жылдарга карата өнүктүрүү программасы) ишке ашырууга мүмкүндүк берди, бул өзгөчө азыркы учурда актуалдуу көйгөйдү – инсандын чыгармачылык дараметин ишке ашыруунун кыйла кеңири көйгөйүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналган мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн ийгиликтүү социалдашуусун чечүү үчүн өбөлгөлөрдү аныктады.

№ 87 жалпы орто билим берүү мектеби окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аларды окутуу, тарбиялоо жана инсандык өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарга ээ.

Окуу-тарбиялоо процесси негизинен салттуу класстык-сабак тутумунда курулган.

Окуучулардын аттестациясы беш баллдык баалоо тутуму боюнча чейректин жыйынтыгы менен экинчиден он биринчи класска чейин жүргүзүлөт. 1-класстарда тиешелүү жобо менен жөнгө салынган жана кенже окуучуларды окууга сапаттуу көнүшүүсүн камсыз кылган баа койбой окутуу киргизилген.

9-класстын бүтүрүүчүлөрү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтүшөт. Социалдык жактан корголбогон балдар үчүн (5-6-класстар) дотацияланган ысык тамак уюштурулган. Ата-энелерге сурамжылоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга болгон кызыгуунун өсүүсүн ырастап, эстетикалык, спорттук, ошондой эле интеллектуалдык багыттагы түрдүү сабактан тышкаркы иштердин түрлөрү менен алектенүү үчүн шарттарды түзүүгө тапшырык түзөт.

Бирок мектептеги окучулардын нормадан 3 эсе көптүгү, окуу кабинеттердин жетишсиздигиМуну менен, № 87 жалпы орто билим берүү мектеби үчүн кичи райондун бардык окуучулары үчүн сапаттуу билим берүү үчүн шарттарды түзүү, балдарды издөө, колдоо жана коштоп жүрүү тутумун калыптандыруу, мектепте күндүн биринчи жарымы – жалпы билим берүү предметтери, ал эми күндүн экинчи жарымы – жеке консультациялар, долбоордук иштер, кошумча билим берүү бөлүмүнүн иши, жалпы мектептин чыгармачылык иш-чаралары жана класстык иш-чаралар болгон кичи райондун маданий-эс алуу борборлорунун бирине айландыруу көйгөйү актуалдуу.

**Мектепти башкаруунун мамлекеттик-коомдук мүнөзү** тиешелүү башкаруу жана өзүн-өзү башкаруу органдары: Башкаруучу кеңеш, Педагогикалык кеңеш аркылуу ишке ашырылат. КЕЛЕЧЕК – окуучулардын өз ара башкаруу уюму иштейт.

Мектепте тажрыйбалуу педагогдор жетектеген 8 предметтик-усулдук бирикмеси иштейт:

Кыргыз тили усулдук бирикмеси;

Орус тили усулдук бирикмеси;

Чет тили усулдук бирикмеси:

Так илимдер усулдук бирикмеси

Табигый илимдер усулдук бирикмеси

Башталгыч класстардын мугимдеринин усулдук бирикмеси;

Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси.

Мектептин усулдук кеңеши усулдук кызматтын ишин уюштурат жана координациялайт. Илимий-усулдук иш мектеп жамаатынын өзүнө окуутуунун өнүктүрүүчү чөйрөсүн түзүүнү ишке ашыруунун конкреттүү аспектилерин изилдөөсүн жана өз алдынча иштеп чыгышын камтыган жыл сайын жаңыртылып туруучу иш планына ылайык жүргүзүлөт.

Усулдук иштерди уюштурууда окуучуларга программалык материалды окутуу жана өздөштүрүү, квалификациясын жогорулатуу сапатына жана деңгээлине мониторинг жүргүзүлөт. Мугалимдин чеберчилигин жогорулатууну мугалимдер белгиленген графикке ылайык системалуу түрдө өткөрүп

турган ачык сабактардан байкоого болот.

Усулдук бирикмелердин иши мектеп программасында аныкталган артыкчылыктуу багыттарга негизделген. Бул ыйгарым укуктардын бир бөлүгүн УБнын жетекчилерине өткөрүп берүүгө, өзүн-өзү жана өз ара контролдук уюштурууга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүндүк берди. Жеке максаттарга жетишүүгө максаттуу, көйгөйлүү, чыгармачыл топтор сыяктуу убактылуу жамааттарды түзүү жардам берет.

2016-2021-жылдар аралыгындагы мектеп « **Ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу менен билим сапатын жогорулатуу** » өнүктүрүү программасы боюнча иштеди.

Мектептин 5 жылдык өнүктүрүү программасын теориялык, практикалык, изилдөө жана жыйынтыктоочу этаптарын ишке ашыруу үчүн усулдук бирикмелерде, методикалык , педагогикалык кенешмелердин отурумдарында мугалимдер тарабынан докладдар окулуп, өз ара иш-тажрыйбаларынан бөлүшүп, теманы оң жана терс жактары аныкталып, алардын үстүнөн иш алып барылды.

| **1-этап** | **2-этап** | **3-этап** | **4-этап** |
|---|---|---|---|
| **Таанышуу этабы 2016-2017** | **Практикалык этабы 2017-2018, 2018-2019** | **Изилдөө этабы 2019-2020** | **Жыйынтыктоо этабы 2020-2021** |
| Бул этапта тема менен жакындан таанышуу иштери жүргүзүлдү. Ар бир усулдук бирикмеде, педагогикалык кеңешмеде таанышуу этабына байланыштуу докладдар окулуп, талкууланып турду. Жалпы 14 доклад окулду. | Окуучуларга дифференцирленген мамиле жасоону мугалимдердин иш тажрыйбасынан көрүлүп, аларды жайылтууга басым жасалып, билим сапатынын мониторинги чыгарылып, салыштырылып турду. Окуулган докладдарда практикалык этапка басым жасалды. Жалпы 16 доклад окулду. | Мугалимдердин деңгээлдештирип иш алып барууларынын натыйжаларын изилдеп, окуучулардын билим сапаты аныкталды. Семинарлар, декадаларда дифференцирленген окутуунун түрлөрүн колдонуп, иш тажрыйбалары жайылтылды. Бул этапта 10 доклад окулуп, талкууланды. | Мугалимдердин, усулдук бирикмелердин деңгээлдештирип иштөө боюнча ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы чыгарылды. Жалпысынан 11 доклад окулду. Окулган докладдар практикалык жактан ачылып, мугалимдер өз иш тажрыйбасына колдоно альшты. |

**Мектептеги жалпы коллективдин сандык сапаттык курамы жөнүндө маалымат:**

| | **2016-2017** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы пед кыз. саны** | 88 | 85 | 88 | 88 | 88 |
| **Жогорку билимдүү** | 76 | 75 | 70 | 74 | 74 |
| **Атайын орто** | 12 | 10 | 18 | 14 | 14 |
| **Эл агар. мыктысы** | 4 | 6 | 4 | 5 | 6 |
| **Билим берүү министр. гр.** | 3 | 3 | 7 | 4 | 8 |

**Өз билимин өркүндөтүү боюнча курстан өткөн мугалимдер боюнча маалымат:**

Ар бир окуу жылында мектептин педагогикалык жамааты өз билимин өркүндөтүү максатында өздөрүнүн иш-тажрыйбаларын жаңылап, курстан өтүп турушат.

| Курстан кайсы жерден өтүштү | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| КББА | 14 | 42 | 11 | 11 | 18 | 96 |
| Креатив-Таалим | - | | 2 | | | 2 |
| АӨБ | 3 | 4 | 5 | | | 12 |
| ЮСАИД “Келгиле окуйбуз! | - | | 17 | | | 17 |
| Лингва | 2 | 4 | 2 | 2 | 2 | 12 |
| УЦА | - | | 7 | | 5 | 13 |
| ЮНИСЕФ (Кыздар илимде) | | | | | 5 | 5 |
| GLOBE | | | | | 1 | 1 |
| жалпы | 19 | 50 | 44 | 13 | 31 | 158 |

**Педагогикалык жамааттын 5 жыл ичинде кыска жана узак убактта курстан өткөндүгү боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыкты көрө алабыз:**

| Окуу жылдары | Кызматкерлердин саны | Курска барган мугалимдердин саны | Узак мөөнөт | Кыска мөөнөт | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 | 88 | 19 | 17 | 2 | 22% |
| 2017-2018 | 85 | 50 | 42 | 8 | 58% |
| 2018-2019 | 88 | 44 | 35 | 9 | 50% |
| 2019-2020 | 88 | 13 | 11 | 2 | 15% |
| 2020-2021 | 88 | 31 | 19 | 33 | 35% |

**Жаш мугалимдер менен иштөө**

Ар бир окуу жылында мектептин педагогикалык жамааты жаңы мугалимдер менен толукталып турат. Алардын көпчүлүгү окуу жайды жаңы бүтүп, алгачкы эмгек жолун баштаган жаш мугалимдер болуп эсептелет. 5 жыл ичинде эмгек стажы 3 жылга чейинки 94 жаш мугалим эмгектенди.

| Пед стажы | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жаш мугалимдердин саны | 21 | 16 | 15 | 22 | 20 | 94 |
| 1-жыл иштегендер | 6 | 4 | 11 | 14 | 8 | 43 |
| 2-жыл иштегендер | 10 | 8 | 2 | 6 | 9 | 35 |
| 3-жыл иштегендер | 5 | 4 | 2 | 2 | 3 | 16 |

**Беш жылда өткөрүлгөн шаардык семинарлар:**

Мектепте эмгектенип жаткан мугалимдердин иш тажрыйбаларын шаарга жайылтуу боюнча токтолсок, 5 жыл ичинде 5 шаардык, 1 райондук семинар өтүлүп, катышкан мугалимдер жана Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгынын адистери тарабынан “эң  жакшы” деп бааланды

.

| | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 |
|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Шаардык семинарлар кайсы предметтен оттү?** | **Орус тили**<br>Тема: “Требования, преьявляемые к современному уроку о способы повышения образоваия школьников на уроках русского языка и литературы в национальной школе” | **Кыргыз тили, адабияты**<br>Тема: “Ааламдык адабияттын алптары-Чыңгыз жана Алыкул” | **ИУИ б/ча орун басарлар үчүн**<br>Тема: “Билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштуруудагы заманбап педагогикалык технология” | **География**<br>Тема: “География сабагын окутууда практикалык иштерд уюштуруунун жолдору” | |
| | | **Башталгыч класс**<br>Тема: “Башталгыч класстарда окуу-тарбиялоо процессин өркүндөтүүнүн жолдору” | **Физика жана информатика**<br>Тема: “Предметтик компетенттүүлүктү сабакта жана класстан тышкаркы иштерде өнүктүрүү” | | |
| | | **Англис тили**<br>Тема: “ Англис тили – эл аралык баарлашуу тили” | | | |
| **Жалпы** | **1** | **3** | **2** | **1** | **-** |

**Райондук, шаардык конкурстарга катышуу**

2016-2021-беш жылдыкта “Жүрөгүмдү балдарга арнаймын” аттуу райондук, шаардык конкурстарга катышуу боюнча маалыматтар:

| **Конкурстар / Окуу жылы** | **“Эң мыкты жаш мугали”** | **“Эң мыкты класс жетекчи”** | **“Эң мыкты мугалим”** | **“Эң мыкты жалпы билим берүүчү орто мектеп”** | **“Эң мыкты окуу кабинети”** |
|---|---|---|---|---|---|
| **2016-2017** | | | СыдыковаЖ.З – биология мугалими 3-орун | | Информатика кабинети 1-орун |
| **2017-2018** | Зарылбек кызы Жазгүл – англис тили мугалими | | Кыдыбаева К.А. – башт. класстардын мугалими | | №9 башталгыч класстардын кабинети 1-орун |
| **2018-2019** | | | Казакова Н. О. – тарых мугалими 2-орун<br>Шаардык сынакта 3-орун | | №23 Манас кабинети |
| **2019-2020** | | | | “Мыкты жалпы билим берүү мектеп” 2-орун | |
| **2020-2021** | | | | | |

**Мектеп ичинде ата-энелер үчүн "Ачык эшик" өткөрүү**

| Окуу жылы | Кайсы темада өткөрүлдү? | Канча ата-эне катышты? |
|---|---|---|
| 2016-2017 | - | |
| 2017-2018 | Ата-эне, окуучу, мугалим ... | 1200 |
| 2018-2019 | Ата-энелер менен байланышты күчөтүү | 840 |
| 2019-2020 | Мыкты педагог Г. Мадаминов менен жолугушуу "Чыныгы мугалим окуучуну гана эмес, ата-энени да тарбиялайт" | 440 |
| 2020-2021 | - | |

**Микро участок боюнча маалымат**

Мектеп Бишкек шаарынын Свердлов районуна караштуу "Келечек" конушунда жайгашкан. "Келечек" конушу 15 көчөгө бөлүнгөн. Ар бир көчөнүн көчө башчылары шайланган. Микроучасток менен иш алып барууда көчө башчылары менен биргеликте иш жүргүзүлөт. Микроучасток боюнча 5 жылдык маалымат:

| **Окуу жылдары** | **Микроучасток боюнча окуучулардын саны** | **№87 орто мектепте окуган окуучулардын саны** | **Башка мектепте окуган окуучулардын саны** | **Мектепке чейинки 6 жаштагылар** |
|---|---|---|---|---|
| **2016-2017** | 1317 | 821 | 274 | 125 |
| **2017-2018** | 1378 | 928 | 260 | 186 |
| **2018-2019** | 1419 | 1002 | 283 | 141 |
| **2019-2020** | 1289 | 1003 | 284 | 110 |
| **2020-2021** | 1333 | 1057 | 276 | 118 |

№87 жалпы орто мектепте окуучулар бир гана "Келечек" конушунан эле келип билим албастан, жакын жайгашкан жаңы конуштардан жана ошондой эле шаар ичинен да келишет.

**Мектепте башка жактан келип окуган окуучулар боюнча маалымат:**

| **Окуу жылдары** | **Окуучун саны** | **Келечек** | **Ак-жар** | **Ак-Бата** | **Дордой** | **Төмөнкү Аларча** | **Тендик** | **Калыс ордо** | **Шаар** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2016-2017** | 1842 | 942 | 468 | 153 | 123 | 56 | 14 | 15 | 72 |
| **2017-2018** | 2000 | 1020 | 571 | 180 | 81 | 45 | 18 | 15 | 70 |
| **2018-2019** | 2137 | 1112 | 626 | 195 | 70 | 38 | 18 | 12 | 63 |
| **2019-2020** | 2216 | 1082 | 713 | 198 | 57 | 45 | 22 | 16 | 75 |
| **2020-2021** | 2268 | 1057 | 770 | 231 | 45 | 51 | 15 | 11 | 142 |

**Бүтүрүүчүлөр боюнча маалымат:**

Мектеп жыл сайын бүтүрүүчүлөрдү уясынан учуруп, жаңы мотурайган бөбөктөрдү кабыл алат. 5 жыл ичинде жалпы 9-кл 634 окуучу аяктаса, 11-классты 240 окуучу аяктап, турмуш жолуна аттанышты. Ар бир бүтүрүүчүнүн кайсы окуу жайга тапшыргандыгы боюнча мектеп маалымат топтоп турат.

| **Класстар** | **2016-2017** | **2017-2018** | **2018-2019** | **2019-2020** | **2020-2021** | **жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 9-кл | 135 | 150 | 153 | 196 | 156 | 634 |
| 11-кл | 42 | 47 | 49 | 47 | 55 | 240 |

Мектептин билим берүү процессининин эффективдүүлүгүнүн негизги көрсөткүчү окуучулардын шаардык, райондук конкурстарга, иш чараларга активдүү катышып, женишке ээ болушу,предметтик олимпиадалардагы ийгиликтер, ЖРТ жогорку жыйынтыктары бар окуучулардын өсүшү болуп саналат

**Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы:**

| Окуу жылдары | жалпы | Катышты | Орточо баллы | 110 баллдан жогору алгандардын саны | Эң жогорку балл |
|---|---|---|---|---|---|
| 2016-2017 | 42 | 39 | 120 | 24 | 163 |
| 2017-2018 | 47 | 45 | 120 | 26 | 195 |
| 2018-2019 | 49 | 49 | 132 | 39 | 200 |
| 2019-2020 | 47 | 47 | 124 | 33 | 193 |
| 2020-2021 | 55 | 53 | 124 | 33 | 192 |

**2016-2021- окуу жылындагы окуучулардын катышкан райондук жана шаардык олимпиадалар боюнча маалыматтар:**

| Окуу жылы | Райондук | | | | Шаардык | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Предмети | Окууч аты, жөнү | Ээлег. орду | саны | Предмети | Окууч аты, жөнү | Ээлег орду | Саны |
| **2016-2017** | Биология | Төлөнбек кызы Айчүрөк | 1 | 8 | География | Жаркынбай к. Айдай | 3 | 2 |
| | Тарых | Максат уулу Ислам | 1 | | Химия | Сарубек к Диана | 3 | |
| | Химия | Сарубек кызы Диана | 1 | | | | | |
| | География | Жаркынбай к. Айдай | 2 | | | | | |
| | Тарых | Тыныбек к.Айгерим | 3 | | | | | |
| | Англис тили | Кошбаев Султан | 3 | | | | | |
| | физика | Ашырбай к Нуриза | 3 | | | | | |
| | физика | Темирбек к Айымкул | 3 | | | | | |
| **2017-2018** | Тарых | Максат у Ислам<br>Бекболсун у Кайрат | 1<br>1 | 15 | | | | |
| | Химия | Сарубек к Диана | 1 | | | | | |
| | Орус тили | Мырзагулов Б. | 2 | | | | | |
| | физика | Асилбекова Ы. | 2 | | | | | |
| | География | Рахманберди к А. | 2 | | | | | |
| | Англис тили | Оболбекова М. | | | | | | |
| | физика | Ашырбай к Нуриза | 3 | | | | | |
| | Англис тили | Садирова Нуриза | 3 | | | | | |
| | Кыргыз тили | Уран к Айзада<br>Рысбекова Айдай | 3 | | | | | |
| | География | Марат у Ырыскелди<br>Жаркынбаева А | 3 | | | | | |
| | Биология | Алымбекова Аделя<br>Нуржан к. Малика | 3 | | | | | |
| **2018-2019** | Орус тили | Мырзагулов Б. | 1 | 7 | | | | |
| | Физика | Курман к Зелфира | 1 | | | | | |
| | Тарых | Канатбекова А.<br>Иманкулов Камчы | 2 | | | | | |
| | География | Марат у Ырыскелди | 2 | | | | | |
| | Кыргыз тили | Рысбекова Айдай | 3 | | | | | |
| | География | Жаныбеков Улан | 3 | | | | | |
| **2019-** | | | | - | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2020 | | | | | | | | |
| 2020-2021 | Тарых | Омурбекова Сезим | 2 | 3 | | | | |
| | Химия | Саатова Мадина | 2 | | | | | |
| | Тарых | Талант уулу Нур | 3 | | | | | |

Мындан тышкары окуучулар илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү максатында эл аралык конференцияларга, ар түрдүү конкурстарга катыштырып келдик. Кыргыз Билим берүү Академиясы менен биргеликте таланттуу, чыгармачыл окуучулар менен семинар уюштурулуп, окуучулар илимий изилдөө долбоордук иштерди жазуунун талаптарын үйрөнүштү.

**Мектеп окуучуларынын ар түрдүү тематикадагы кароо-сынактарга катышуунун 5 жылдык жыйынтыгы:**

| Окуу жылы | Катышкан окуучунун аты-жөнү, классы, ээлеген орду | Темасы | Илимий жетекчиси |
|---|---|---|---|
| **2016-2017 Эл аралык илимий конференция** | 1. Темирбек уулу Тилек 10-б кл 3-орун | Калпак-кыргыз погону | Казакова Н.О. |
| | 2. Максат уулу Ислам 10-б кл 2-орун | Чүкө оюндары жана чүкө жөнүндө | Казакова Н.О. |
| | 3. Жанарбекова Мунара 11-а кл | Ислам дининин таралышы | Турунтаева К.А. |
| | 4. Бекназаров Жакшылык 10-б кл 1-орун | Кыргыздарда кой союп, устукан тартуу каада-салты | Казакова Н.О. |
| | 5. Капарбекова Адина 11-б кл 1-орун | Кыргыз ысымдарынын сөздүк түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү | Турунтаева К.А. |
| | 6. Төлөнбек к Айчүрөк 11-б кл 3-орун | Ген инженериясы бүгүн жана эртең | Сыдыкова Ж.З. |
| | 7. Жаныбек кызы Айгерим 10-б кла 2-орун | Кыргызстандын экологиясынын глобалдуу жагдайлары | Сыдыкова Ж.З. |
| | 8. Темирбек к Айгерим 11-а кл 3-орун | Боз үйдүн жасалышындагы геометриялык фигуралардын кезигиши | Чечеева М.З. |
| **2017-2018 Илимий-практикалык конференция** | 1. Бекназаров Жакшылык 11-б кл 1-даражадагы диплом | "Талкаланып, тонолуп бара жаткан улкөн кыргыз тарыхы же изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол" | Казакова Н.О. |
| **"Жаш Манасчылар** | 2. Рахатбек уулу Арзуу-Бек 7-б кл "Манастын бала чагы" | "Манастын бала чагы" | Сагынбаева Г.М. |
| **КЭУнун 6-экономикалык олимпиадасы** | 3. Садирова Нуриза 10-б класс 3-орун | | Маманазарова С.Б. |
| **КМЮАнын Кыргызстандын тарыхы боюнча олимпиада** | 4. Бекболсун уулу Кайрат 10-а класс 3-орун | | Сагынбекова А.Д. |
| | 5. Илияс уулу Нурдөөлөт 11-б класс Кызыктыруучу сыйлык | | |
| **"Ыйык Ата журт" коомдук** | 6. "Жигитке жетимиш өнөр аздык кылыт" 2-орун | | Кубанычбек кызы К. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **жаштар фонду** | 7. 8-класстын окуучулары “Интеллектуал мырза” 11-кл окуучулары 1-орун | | |
| **“Аймак ышкыбоздору - 2018”** | Мамажанова Аделя 8-в класс 1-даражадагы диплом<br>Камалдин кызы Атыргүл 7-г класс 3-орун | 1-даражадагы диплом 3-орун | Додоева Ж. |
| **“Мен Кыргызстандык экениме сыймыктанам”** | Камалидин кызы Атыргүл 7-г класс 2-даражадагы диплом | 2-даражадагы диплом | Додоева Ж. |
| **Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата “Президент сүйлөйт”** | Ж.Бекназаров 11-б класс Баш байге | | Кубанычбек кызы К. |
| **2018-2019 Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата көркөм окуу кароо сынагы** | Өмүрбек кызы Айжамал 7-в кл 3-орун | | Абдирайимова К.а. |
| **КМЮА “Мен жана менин укугум”** | Жыргалбеков Тилек 9-б кл 1-орун Мамадалиев Алишер 9-б кл Кызыкт. сыйлык | | Казакова Н.О. |
| **КМЮА илимий олимпиада** | “ШЕРЛОК” командасы 2-орунга | | Казакова Н.О. |
| **“Ыйык Ата Журт” коомдук жаштар фонду** | 8-9 класстар 1-орун | | Эсеналиев Ж.М. |
| **“Ыйык Ата Журт” коомдук жаштар фонду** | «Brain Team» 8-класс «Инновациялык долбоорлор» 9-класс “Жаш билерман” 10-класс “Келечекке карай жол” 11-класс | Кызыктыруучу белектер менен сыйланышты | Киркирекова Р.М. |
| **Турциянын Стамбул шаарында өтүлгөн “Түрк дүйнөсү” эл аралык фестивал** | Мурзалиев Нуржигит 4-в класс | | |
| **УАМ согуштун Жеңишинин 74 жылдыгына арналган “Эрдиктердин изи менен” Республикалык сырттан өтүүчү кароо-сынак** | 1. Өмүрбекова Сезим 8-б кл 2-орун | “Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги менин жакындарым” | Алидинова Ж.Ч. |
| | 2. Талантбек кызы Э. 8-д кл. 3-орун | “Согуш учурундагы балдардын жашоо-турмушу” | Топчубек к. Н. |
| | 3. Канатбекова А. 10-б кл 2-орун | “Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги менин жакындарым” | Турунтаева К.А. |
| | 4. Маматов Бактыбек 10-а кл Кызыктыруучу сыйлык | “Элесиң кетпейт эсимден” | Маманазарова С.Б. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 5. Тиркешова Асия 11-а кл сүрөт тартуу боюнча | | Маманазарова С.Б. |
| **“Манас таануу” интеллектуалдык таймаш** | “Улуу Мурас” командасы 9-класстын окуучуларынан түзүлгөн 4-орун | | Сүйналиева М.М. |
| **Кыргыз радиосунун “Акыл таймаш” сынагы** | 6-класстын окуучулары 1-орун | 1-орун | Турунтаева К.А. |
| **Улуу Жеңишинин 74 жылдыгына арналган музей, бурчтардын кароо-сынагы** | Мектептин “Өчпөс от” бурчу 1-орун | 1-орун | Казакова Н.О.<br>Маманазарова С.Б. |
| **“Мектеп лигасы”** | Спорт оюндары боюнча<br><br>Мини футбол<br>Дарст<br>Стол тенниси<br>Грек-рим күрөшү<br>Баскетбол (кыздар)<br>- балдар<br>Валейбол (кыздар)<br>-балдар<br>Жеңил атлетика<br>Бадминтон<br>Тогуз коргоол | <br><br>3-орун<br>2-орун<br>1-орун<br>3-орун<br>3-орун<br>2-орун<br>1-орун<br>3-орун<br>2-орун<br>1-орун<br>2-орун | Эсеналиев Ж.М.<br>Өмүрбек к. Ы.<br>Мадирайимов А.Ж |
| **2019-2020 Илимий-изилд--долбоору** | Жыргалбеков Тилек 10-а кл | Талкаланып тонолуп жаткан үлкөн кыргыз тарыхы (Изи өчүп бара жаткан ата-бабам баскан жол) | Казакова Н.О. |
| | Кошбаев Назар 10-а кл | Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилиндеги англис тилинин ролу | Жумабекова Ж.С. |
| | Талантбек кызы Элзина 9-е | Детство, опаленное войной | Тентиева А.К. |
| | Ибраимова Каньшай Шамуратовна 6-а кл | История одного слова – **«Победа»** | Тентиева А.К. |
| | 11-а кл Маматов Бактыбек 1-орун | **“Первый бросок победы”** | Наркозиева А.Т |
| | 9-б кл Өмүрбекова Сезим Кубанычбекова Бегимиай | Согуш мезгили кыргыз адабий чыгармаларында | Сагынбаева Г.М. |
| | Талант уулу Нур 8-д кл | Калпак кыргыз погону | Салимова А.Ы. |
| **Изилдөө долбоору “Тил-достуктун ачкычы”** | Аскар кызы Медина 10-б кл<br>Мадирайимова Айнази 10-а кл | Корей элинин тили жана маданияты | Сүйналиева М.М. |
| **2020-2021** | 8-а кл Адылбеков Умар | Картошка кытырагы менен чипсинин адамдын ден соолугуна тийгизген терс таасири | Сыдыкова Ж.З. |
| | 9-д кл Талант уулу Нур | Талкаланып тонолуп жаткан үлкөн кыргыз тарыхы же изи өчүп бара жаткан ата-бабам | Казакова Н.О. |

| | | баскан жол | |
|---|---|---|---|
| **Мамлекетти тилдин 31** | 7-а класстын окуучусу Ибраимова Канышай 1-орун, | | Кабылова Д.Т |
| **жылдыгына карата 6-11-класстын окуучулары “Китеп – билим булагы” аттуу шаардык кароо-сынак** | 7-класстын окуучусу Жээнбеков Абзал 2-орун, | | Туруннтаева К.А |
| | 10-классынын окуучусу Омурбекова Сезим 1-орун | | Сагынбаева Г.М |
| **Эл аралык эне тил күнүнө карата арналган “Манас айтуу” кароо-сынак** | 7-б классынын окуучусу Жээнбеков Абзал 1-орун | | Туруннтаева К.А |
| **Кыргыз Мамлекеттик юридикалык академия тарабынан Кыргызстан тарыхы боюнча 9-класстар арасында олимпиада** | Казипова Жылдыз, 2-орун,<br>Рахманбердиева Мадина, Талант уулу Нур 3-орун<br>Турдиева Чолпонай, Омурбекова Сезим кызыктыруучу сыйлык | | Казакова Н.О |
| **Кыргыз Экономикалык Университети Экономика жумалыгы** | Ага 9-10-класстардын окуучуларынан “Прогресс” деген командасы түзүлүп, катышышып 1-орунга ээ болушту. | | Маманазарова С.Б. |
| **Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата шаардык “Сабаттуу бол” аттуу жат жазуу жазуу боюнча сынак** | 9-д кл Казипова Жылдыз 1-орун | | Сагынбаева Г.М. |

**Окуучулардын социалдык абалы боюнча маалыматка токтолсок:**

| Окуу жылдары | Тоголок жетим | Жарым жети | Инвал. | Аз кам. Үй бүлө | Көп балалуу | Толук эмес үй бүлө | Черноб | Баткен | Афганистан | иштегендер | жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2016-2017** | 6 | 93 | 11 | 140 | 264 | 205 | - | 2 | 4 | 46 | 771 |
| **2017-2018** | 6 | 72 | 14 | 60 | 192 | 176 | - | - | 2 | 50 | 574 |
| **2018-2019** | 4 | 85 | 13 | 28 | 287 | 178 | - | 3 | 4 | 31 | 633 |
| **2019-2020** | 4 | 106 | 13 | 65 | 255 | 184 | - | 6 | 3 | 28 | 664 |
| **2020-2021** | 4 | 104 | 17 | 54 | 157 | 224 | - | 6 | 1 | 3 | 570 |

**Мектептин ресурстук базасы:**

**Китепкананын окуу китептери менен камсыз болушу:**

| | 2016-2017-окуу жылы | 2017-2018-окуу жылы | 2018-2019-окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуу китеби | 26200 | 26334 | 26909 | 26061 | 26000 |
| Көркөм китеп | 529 | 529 | 490 | 578 | 578 |
| Усулдук колдонмо | 498 | 498 | 510 | 482 | 482 |
| Окуу китеп менен камсыз болушу | 72, 3% | 71, 9% | 92% | 82% | 83,30% |

Акыркы 5 жылдыкта мектептин материалдык техниканын базасын чыңдоо боюнча көп аракеттер жүрдү.
Азыркы учурда мектептеги техникалык каражаттардын саны:

| Компьютер | Интерактивдүү доска | Телевизор | Ноутбук | Панель |
|---|---|---|---|---|
| 28 | 13 | 20 | 5 | 2 |

Мындан тышкары музыкалык аппаратура, камера, 7 проектор, 20 ДВД бар. Ошондой эле MaxLink байланыш оператору тарабынан интернет түйүнү 15 окуу кабинетине кошулган.
Окуучуларга сапаттуу билим берүүдө мыкты жабдылган окуу кабинети маанилүү ролду ойнойт.
Мектептеги 35 окуу кабинетипрофилине жараша тиешелүү окуу методикалык, дидактикалык жана таркатма материалдар менен камсыздалып, паспорттоштурулган жана иш пландар түзүлгөн. Коопсуздук техникаларынын эрежеси, санитардык-гигиеналык нормалар сакталды.

Жогоруда баяндалгандардын баары № 87 жалпы орто билим берүү мектебин билим берүү мекемеси катары төмөнкүдөй аныктоого мүмкүндүк берет:
- баарынан мурда сапаттуу бекер билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө багытталганын;
- жалпы орто билим берүүнүн улантуучулугун камсыз кылгандыгын жана анын заманбап мамлекеттик стандарттарга, талаптарга жана суроо-талаптарга шайкештигин;
- жалпы билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын чыгармачыл дараметин ачуу үчүн шарттарды түзгөндүгүн.

***Мектептин ички дараметинин актуалдуу абалын баалоо***

**Күчтүү тараптары:**
- курчап турган социумдагы мектептин оң имиджи;
- мектептеги жагымдуу психологиялык микроклимат;
- педагогикалык жамааттын туруктуулугу, педагогикалык кызматчылардын квалификациясынын жогорку деңгээли;
- педагогикалык жамааттын билим берүү процессине инновациялык технологияларды жана усулдарды киргизүүгө даярдыгы;
- билим берүү процессинде заманбап, анын ичинде маалыматтык жана саламаттык сактоочу технологияларды колдонуу;
- психологиялык-педагогикалык жана социалдык кызматтардын болушу,
- окуу процессинде колдонулуучу компьютердик техниканын жана башка жабдуулардын жетиштүү санда болушу, ИНТЕРНЕТ байланышы менен жетиштүү камсыз болушу;

**Алсыз тараптары:**
- китепкананын китеп фонду мугалимдер үчүн усулдук колдонмолор жана көркөм адабий китептер менен толуктоого муктаж;
- мектептин штатында тармактык башкарууну камсыз кылууга, мектептин локалдык тармагын түзүүгө жөндөмдүү адистердин жоктугу;
- билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын өз алдынча, изилдөө ишине мотивациянын жетишсиздиги;
-Мектептин мамлекеттик бюджеттен жетишерлик эмес каржыланышы
- Окуучулардын санынын көптүгү жана окуу кабинеттеринин жетишсиздиги
- кабинеттердин толук эмес лабораториялык жабдылышы

## МЕКТЕП БҮТҮРҮҮЧҮСҮНҮН КЕЛЕЧЕКТЕГИ МОДЕЛИ

**Мектептин ишмердигинин максаты**: Өзүнүн ийгиликтүү жашоосу үчүн жана коомдун бакубат, туруктуу өнүгүшү үчүн жеке жоопкерчиликти алууга даяр, коомдогу өзгөрүүлөргө ыңгайлашып кете алган, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн, атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды тарбиялоо.

Мектептин миссиясы: мектептин саламаттык сактоо шартында жеке жашоосунун субъекти катары бүтүрүүчүнүн өздүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү. Биздин 2026-жылдагы бүтүрүүчүлөрүбүз жашоодо ийгиликтүү болушу үчүн бүтүрүүчүнүн моделине ылайык сапаттарга ээ болушу керек.

**Башталгыч мектептин бүтүрүүчүсү:**

үйрөнүүгө тырышчаак, кызыккан, дүйнөнү активдүү таанып-билген;
окуунун негизги көндүмдөрүнө ээ;
өзүнүн окуу ишин уюштурууга жөндөмдүү;
туулган жерин жана өз өлкөсүн сүйгөн;
үй-бүлөнүн жана коомдун баалуулуктарын урматтаган жана кабыл алган;
өз алдынча аракеттенүүгө даяр жана үй-бүлөсүнүн жана мектептин алдында өзүнүн кылган иши үчүн жооп берген;
ак ниеттүү, өнөктөшүн уга билген;
башка бирөөнүн пикирин урматтаган жана өз оюн айта билген;
өзү жана айланасындагылар үчүн сергек жана коопсуз жашоо образынын эрежелерин аткарган.

**Негизги мектептин бүтүрүүчүсү:**

мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде негизги жалпы билим берүү баскычындагы мектептин окуу планынын предметтери боюнча бардык жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн; окуй билген, жашоо жана эмгек үчүн билимдин жана өзүн-өзү тарбиялоонун маанилүүлүгүн түшүнгөн, алган билимин иш жүзүндө колдонууга жөндөмдүү;
социалдык жактан активдүү, мыйзамды жана укук тартибин сыйлаган;
туулган жерин жана өз өлкөсүн сүйгөн, өз элин, анын маданиятын жана руханий салттарын сыйлаган; конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзө алган, башка адамдар менен өз ара түшүнүшүүгө жетишүүнү, жалпы жыйынтыктарга жетүү үчүн кызматташа билген;
өзү жана айланасындагылар үчүн сергек жана коопсуз жашоо образынын эрежелерин түшүнүү менен аткарган.

**Мектептин бүтүрүүчүлөрү:**

мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарынын деңгээлинде мектептин окуу планынын предметтери боюнча бардык жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн;
сергек жашоо образын жүргүзүү зарылдыгына ынанган;
креативдүү жана сынчыл ой жүгүрткөн, активдүү жана максаттуу дүйнө тааныган, курчап турган дүйнөнү таануу, өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү тарбиялоо көндүмдөрүнө ээ;
иш жүзүндө таасирдүү жана коммуникативдүү, кызматташууга даяр;
чыгармачыл жана инновациялык ишке шыктандырылган;
туулган жерин жана өз Мекенин сүйгөн, өз элин, анын маданиятын жана руханий салттарын сыйлаган; үй-бүлөсүнүн, коомдун, мамлекеттин, адамзаттын алдында жоопкерчиликти сезген;
окуу-изилдөөчүлүк, долбоордук жана маалыматтык-таанып билүү иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;
мыйзамды жана укук тартибин сыйлаган; гармониянын жана сулуулуктун мыйзамдары боюнча өз жашоосун кура билген.

Мектептин ишинин максатын жана анын миссиясын, ошондой эле талдоонун натыйжасында аныкталган көйгөйлөрдү эске алып, 2021-2026-жылдарга мектепти өнүктүрүү программасынын максаты түзүлдү – мекеменин заманбап инфрастүзүм жана саламаттык сактоочу чөйрөсүндө ар бир балага коомдун социалдык жана экономикалык муктаждыктарына жана анын жеке таланттарына шайкеш келген билим берүүнүн жогорку сапатын, руханий жана адеп-ахлактык өнүктүрүүнү жана демилгечил, чыгармачыл инсандын сапаттарын тарбиялоону камсыз кылууга жөндөмдүү окууда жана тарбиялоодо инсандыкка багытталган мамиленин негизинде билим берүү процессин уюштуруунун жаңы моделин куруу.

Ушул максатка жетүү төмөнкү **милдеттерди** чечүүнү талап кылат:

- окуучулардын канааттануусунун жана алардын кандайдыр бир активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизинде өзүн-өзү ишке ашыруу, кесиптик өзүн-өзү аныктоо жана ачыкка чыгаруу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган педагогикалык шарттарды иштеп чыгууну, апробациялоону жана жайылтууну;

- балдардын жана өспүрүмдөрдүн таанып-билүү муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жооп берген, алардын жеке өнүгүүсүн камсыз кылган байытылган, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүүнү;
- окуучулардын окуу-изилдөөчүлүк ишин педагогикалык колдоо тутумун иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну;
- окуучулардын ийгиликтүү көнүшүүсүн жана социалдашуусун психологиялык колдоону иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну;
- билим берүүнүн жаңы тенденцияларын эске алуу менен мектептин педагогикалык жамаатынын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү;
- мектепте билим берүүнү маалыматташтыруу жана валеологизациялоо процессин жакшыртууну;
- мектептин чыгармачыл, өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча иште окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), кошумча билим берүү мекемелери, коомдук уюмдар жана билим берүү тармагындагы өнөктөштөр менен мектептин өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүүнү;
- балдардын иштөө процессинде болуп жаткан сапаттык жана сандык өзгөрүүлөрдү аныктоого жана көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген диагностикалык шаймандарды апробациялоону жана жайылтууну.

## Программаны иштеп чыгуунун теориялык-методологиялык негиздери

***Программанын негизиндеги башкы идеялар:***

1. Инновациялык иштин жалпы методологиялык негизин субъектиге багытталган уюм жана окуучунун атайы уюштурулган түрдүү татаалдыктагы жана проблематикадагы окуу тапшырмаларын чечүүдө анын окуу ишин педагогдун башкаруусу катары тутумдук-аракеттенүү мамилесин түзөт, анын жыйынтыгында окуучунун предметтик эле эмес, коммуникативдик компетенттүүлүгү да, өзү да инсан катары өнүгөт.
2. Тутумдук-аракеттенүү мамилесинин маанилүү мүнөздөмөлөрү: ырааттуулук; окуучуну билим берүү ишинин субъектиси катары таануу; окуучулардын жеке өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн билим берүү ишин мугалимдин уюштурушу болуп саналат. Тутумдук-аракеттенүү мамилесинин аракеттенүү бөлүгү иштин психологиялык теориясынын жоболоруна таянат жана инсанды иштин субъектиси катары түшүнүүнү, психика менен иштин бирдейлигин, ички жана тышкы иштин түзүлүшүнүн бирдейлигин таанууну жана курчап турган чындыкты таанууну жана анын чыныгы өзүн-өзү көрсөтүүсүн өзгөртүүнү болжолдойт. Окуу-изилдөө жана долбоордук иш окуучунун ички ишмердүүлүгүн кайра түзүүнү жана ички мотивациясын калыптандырууну камсыз кылган сырттан берилген иш катары каралат.
3. Окуучу өз ишинде окуунун субъекти катары иш алып барат. Билим берүү процессинин объектиси болуп окуу материалы (предметтер, кубулуштар, моделдер, кырдаалдар, баалуулуктар, иштер, мамилелер ж.б.) саналат.
4. Мугалим окуунун маанилүүлүгүнө өбөлгө түзгөн жана окуучунун өнүгүү процессинде коштоп жүргөн педагогдун позициясын ээлейт, окуучулардын өз алдынча активдүү таанып-билүү ишинин уюштуруучунун, компетенттүү кеңешчинин жана жардамчынын ролунда иш алып барат.
5. Педагогикалык колдоо окуу-изилдөө жана долбоордук ишти жүзөгө ашырууда педагог менен окуучунун өз ара аракеттенишүүсүнүн мүмкүн болгон модели катары каралат. Долбоордук-изилдөө ишин педагогикалык колдоо ушул ишти жүзөгө ашыруу процессинде окуучулардын инсандык өнүгүүсү жана өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн шарт түзүүгө багытталган мугалимдин кесиптик иши.
6. Долбоордук-изилдөө иши бул белгисизге чечим табуу боюнча эки субъектинин биргелешкен ишинин чыгармачыл процессин түшүндүрөт, анын жүрүшүндө алардын ортосунда натыйжасы дүйнөгө, башкаларга жана жеке өзүнө болгон изилдөө позициясын өнүктүрүү, ошондой эле дүйнө таанымды калыптандыруу болуп саналган маданий баалуулуктарды көрсөтүү иштери жүргүзүлөт. Долбоорлоо долбоорду иштеп чыгуу жана түзүү процесси болуп саналат. Окуучулардын долбоорлоо жана изилдөө ишин уюштуруу окуунун максаты катары эмес, алардын жеке өнүгүүсүнүн каражаты катары каралат.
7. "Инсандык дараметти" колдонуп, ар бир өспүрүм социумдагы иштердин кеңири чөйрөсүндө өзгөчө ийгиликтерди көрсөтө алат. Окуучунун шыгын өз убагында аныктоо жана анын жеке дараметин өнүктүрүүгө жекече мамилени сунуштоо абдан маанилүү.
8. Балдардын өнүгүүсүн, өзүн-өзү аныктоосун, кесиптик өнүгүүсүн психологиялык-педагогикалык колдоонун негизги милдеттеринин бири чыгармачыл жана интеллектуалдык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, жыйнактуу инсанды калыптандыруу болуп саналат.
9. Маанилүү психикалык жана физикалык жүктү эске алганда, балдарды психологиялык-педагогикалык колдоонун дагы бир маанилүү милдети мектептин билим берүү шартында окуучулардын физикалык жана психикалык ден соолугун сактоо болуп саналат.

***Программаны ишке ашырууну камсыз кылган заманбап билим берүүнүн принциптери:***

- табиятка шайкештик: окуучунун табигый дараметин ачуу, анын табигый жөндөмдүүлүгүн актуалдаштыруу; окуучунун сензитивдик мезгилдердин чегинен чыкпай туруп, жакын өнүгүү зонасында билим алышы;
- маданий шайкештик: коомдо кабыл алынган маданияттын формаларында жана тенденцияларында окуучунун табигый дараметин ачуу;
- гуманисттик психология: адамга уникалдуу жана бүтүн инсан катары мамиле (гуманизм, башка адамдын жеке өзгөчөлүктөрүнө толеранттуулук, колдоо, коопсуздук ж.б.); жөндөмдүүлүк даражасына жана ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендигине карабай, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө жана окуу практикасында ар бир окуучунун чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу үчүн оптималдуу шарттарды түзүүнүн негизинде окуучулар ортосундагы мамилелер тутумун билим берүү процессинде ишке ашыруу;
- жеткиликтүүлүк: окуу жүктөмү, проблематикасы жана иштин көлөмү окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келиши керек;
- эркиндикке шайкеш билим берүү: окуучуну басынтуудан, эзүүдөн коргоо, чыгармачыл өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;
- улантуучулук: башталгыч жалпы билим берүүдөн негизги жалпы билим берүүгө өтүүдө бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү; талanttуу балдар менен иштөө программасынын негизги жалпы билим берүү программасынын башка бөлүмдөрү менен байланышы;
- субъективдүүлүк: алгач кесиптик процесстин субъектиси болуп саналган колдоочунун индивидуалдуулук, өзүн-өзү баалоо артыкчылыгын таануу;
- өзүн-өзү уюштуруучулук: окуучулардын тоскоолдуктарды өз алдынча жеңүү жөндөмүнө, окуучунун жеке тажрыйбасына кайрылуусуна, анын өзүн-өзү уюштурууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон муктаждыгына багыттоо;
- процесске жана натыйжага рефлексивдүү-аналитикалык мамиле: баалуулуктарга жана мамилелерге талдоо жана өз алдынча талдоо;
- ар бир окуучунун дараметин өнүктүрүүгө жекече мамиле кылуу зарылдыгын аныктаган ар бир баланын индивидуалдуулугу жана кайталангыстыгы;
- ырааттуулук: жөндөмдүү баланын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдоого тутумдук мамилени, ошондой эле түрдүү профилдеги адистердин ар тараптуу көп баскычтуу мамилени, окуучунун инсандык көйгөйлөрүн чечүүдө алардын өз ара аракеттенүүсүн жана макулдашуусун камсыз кылат;
- өзгөрмөлүүлүк: ачык көрүнгөн индивидуалдуулукка ээ балдардын билим алуусу үчүн өзгөрмөлүү шарттарды түзүү;
- мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы өз ара аракеттенүү: ар бир баланын өнүгүүсүндө үй-бүлөнүн жана мектептин аракеттерин интеграциялоо зарылдыгы.
- жөндөмдүү балдар менен иштөө үчүн мугалимдерди кесиптик психологиялык-педагогикалык даярдоо жөндөмдүү балдар менен иштеген мугалимдердин инсандык жана кесиптик сапаттарын өнүктүрүүнү, анын ичинде сезимталдыкты, ак ниеттүүлүктү, интеллекттин жогорку деңгээлин, чыгармачылыкты, окуучуларынын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен билим берүү процессин жекелештирүү жөндөмдүүлүгүн камтыйт.

***Мектептин мындан аркы өнүгүүсүнүн актуалдуу багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:***

- билим берүү процессин мазмундук жана технологиялык жактан модернизациялоо;
- билим берүүнүн жаңы тенденцияларды эске алуу менен мектептин педагогикалык жамаатынын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү; алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү, жалпылоо жана колдонууга киргизүү;
- окуучуларынын жөндөмдүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн колдоого жана ачууга, алардын жеке өнүгүүсүнө, окуучулардын, ата-энелердин, социумдун муктаждыктарын канааттандырууга багытталган, ачык көрүнгөн таанып-билүү кызыкчылыктары бар окуучулардын муктаждыктарына жооп берген, байытылган, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү;
- окуучулардын долбоордук жана изилдөө ишин өнүктүрүү;
- мектептин билим берүү мейкиндигин валеологиялаштыруу;
- билим берүүнү маалыматташтыруу процессин жакшыртуу;
- мектептин билим берүү тутумун жаңыртуу;
- окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен өз ара аракеттенүү;
- мектептин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү;
- инновациялык ишмердикти психологиялык-педагогикалык колдоо.

## 5. ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН ПЛАНЫ

***Багыты: Билим берүү процессинин мазмундук жана технологиялык тараптарын модернизациялоо***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Мамлекеттик стандартка ылайык билим берүүнүн мазмунун жаңыртуу: мектептин негизги билим берүү программасын иштеп чыгуу (тепкичтер боюнча) | 2021-ж. | директордун орун басарлары |
| 2. | Мамлекеттик стандартты жайылтууну камсыз кылган жаңы программаларга, окуу-усулдук комплекстерге жана топтомдорго өтүү | 2021-2026-жж. | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 3 | Окуу-усулдук комплекстерди, өзгөчө алардын маалыматтык байланыш технологияларынын (МБТ) бөлүгүн жакшыртуу | 2021-2026-жж. | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 4 | Билим берүүнүн көйгөйлүү, изилдөөчүлүк, долбоорлук, оюн ыкмаларын колдонууга, тутумдук-аракеттенүүчүлүк мамилени ишке ашырууга негизделген инновациялык педагогикалык, анын ичинде саламаттык сактоо технологияларын жайылтуу | 2021-2026-жж. | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 5 | Изилдөөнү окутуунун негиздерине окуучуларды үйрөтүү боюнча дисциплиналар аралык өнүктүрүүчү курстарды иштеп чыгуу жана киргизүү:<br>- баштылгыч мектеп – «Акылдуу балдар жана кыздар»;<br>- ортоңку тепкич – «Мен – изилдөөчүмүн»;<br>- жогорку тепкич – «Изилдөө жана долбоорлук иштин негиздери» | 2021-2025-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 6 | Окууда окуучулардын өз алдынча билимдерди «ачуу» боюнча ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон мазмунду, аткаруу ыкмаларын жана окуу ишинин каражаттарын тандоо эркиндигин, башка окуучулар менен өз ара аракеттенүүнү уюштуруу формаларын берүү аркылуу окуучунун субъекттивдүүлүгүн ишке ашырган инсанга багытталган түрдөгү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу | 2021-2023-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 7 | Билим берүүдө жана саламаттык сактоо мамилелерин мамлекеттик стандарт боюнча ишке ашырууда улантуучулукту камсыз кылуу. «Башталгыч мектептерде жана ортоңку звенодо окутуудагы улантуучулукту» ишке ашыруу | 2021-2026-жж. | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 8 | Окуучулардын билим берүүнүн жыйынтыктарынын үч: инсандык, метапредметтик жана предметтик тобу боюнча жетишкендиктерин баалоого комплекстүү мамиле кылуу | 2021-2023-жж. | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |
| 9 | Портфолионун негизинде окуучулардын жетишкендиктерин комплекстүү баалоо моделин ишке ашыруу | 2021-2022-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, ММБнын жетекчилери, мугалимдер |

***Багыты: Билим берүүдөгү жаңы тенденцияларды эске алуу менен мектептин педагогикалык жамаатынын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү; алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү, жалпылоо жана практикага киргизүү***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуудагы муктаждыктарын аныктоо, мугалимдердин кесиптик кыйынчылыктарын баалоо | 2021-2026-жж. жыл сайын | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Түрдүү деңгээлдеги квалификацияны жогорулатуу курстарында мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу тутумун ишке ашыруу | 2021-2026-жж. план боюнча дайыма | директордун орун басарлары, ММБнын жетекчилери |
| 3 | Педагогдордун квалификациясын жогорулатууну жана педагогикалык алдыңкы тажрыйбаны жайылтууну камсыз кылган усулдук иш-чараларды: семинарларды, ачык сабактарды, мастер-класстарды, тегерек столдорду, бирдиктүү усулдук күндөрдү өткөрүү | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 4 | Педагогикалык жана усулдук кеңештерде, УБнин отурумдарында педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө байланышкан маселелерди кароо | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 5 | Заманбап билим берүү технологиялык пайдалануу менен метапредметтик жана инсандык натыйжаларды алууга багытталган сабактарды конструкциялоого үйрөтүү боюнча педагогдор менен теориялык жана практикалык сабактарды; көйгөйлүк-сүйлөшүү сабактарын ж.б. уюштуруу | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 6 | Жеке формаларга басымды жылдыруу менен усулдук иштердин программасын иштеп чыгуу: инновацияларды өздөштүрүүдө педагогдун кесиптик өсүүсүнүн жеке траекторияларын түзүү, такшалма аянтчаларынын ишин уюштуруу | 2021-2025-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 7 | Мектептин инновациялык ишинин багыттарын жана педагогдордун жеке муктаждыктарын эске алуу менен өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча педагогдордун ишин уюшутуруу | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 8 | Жөндөмдүү балдар менен иштеген, изилдөө иштеринин жеке траекторияларын ишке ашырууну уюштурган мугалимдердин чыгармачыл тобун түзүү, окуучулардын долбоордук жана изилдөө иштерин аткарышы | 2021-ж., жыл сайын түзөтүү | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 9 | Теориялык-методологиялык жана усулдук материалдарды, балдардын жөндөмдөрүн өнүктүрүү, долбоорлук жана изилдөө ишин жүзөгө ашыруу маселелери боюнча алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларынын жетишкендиктеринин банкын түзүү | 2021-ж., туруктуу жаңылоо | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 10 | Педагогдордун илимий-изилдөө жана эксперименталдык ишин активдештирүү жана өбөлгөлөө | 2021-2023-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 11 | Жалпы мектептин шартында түрдүү чөйрөлөрдө жөндөмдүн белгилери бар балдар менен иштөөнүн натыйжалуу практикаларын, долбоорлук жана изилдөөчүлүк иштин ыкмаларын издөө, тандап алуу жана иштеп чыгуу | 2021-ж., туруктуу жаңылоо | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | Окуучулардын долбоордук-изилдөө иштерин жетектөөчүлөрдү даярдоонун ыкмасын иштеп чыгуу | 2021-ж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 13 | Жөндөмдүү балдар менен иштеген мугалимдер үчүн, жаш изилдөөчүлөрдүн илимий жетекчилери үчүн эскерткичтерди жана усулдук китептерди түзүү | 2022-ж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 14 | Билим берүүнүн муниципалдык жана аймактык тутумдарында мектептин педагогикалык жамаатынын инновациялык ишинин жыйынтыктарын көрсөтүп берүү (публикациялар, илимий-практикалык конференцияларда чыгып сүйлөөлөр; мектептин базасында семинарларды, мастер-класстарды, тегерек столдорду, илимий-практикалык конференцияларды ж.б. өткөрүү) | 2021-2026-жж. | Мектептин администрациясы |

***Багыты: Ачык көрүнгөн кызыгуусу бар окуучулардын суроо-талаптарына шайкеш келген, окуучулардын жөндөмүнүн түрлөрүн колдоого жана ачууга, алардын инсандыгын өнүктүрүүгө, окуучулардын, ата-энелердин, социумдун муктаждуктарын канааттандырууга багытталган байытылган, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин билим берүүдөгү муктаждыктарын аныктоо | 2021-2026-жж. | Мектептин администрациясы |
| 2 | Жөндөмдүү балдардын суроо-талаптарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алган окуучулардын (багыттар боюнча): жалпы интеллтуалдык; руханий – адеп-ахлактык; жалпы маданий; социалдык; көркөм чыгармачылык; спорттук-ден соолукту чыңдоочу ж.б. сабактан тышкаркы иштеринин программасын иштеп чыгуу | 2021-ж. жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 3 | Кызыкчылыктары боюнча ийримдерди, олимпиадаларга, интеллектуалдык оюндарга, конкурстарга ж.б. даярдоо боюнча жөндөмдүү балдар менен кошумча сабактарды уюштуруу | 2021-ж. жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 4 | Окуучулардын жетишкендиктерин көрсөтүү боюнча атайын салтанаттарды уюштуруу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 5 | Мектептин ишинин жыйынтыктарын, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын жетишкендиктерин көрсөтүү үчүн мектептин маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн (сайтын) пайдалануу | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 6 | Мектептин чыгармачыл, өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү боюнча иштерде коомдук уюмдар жана билим берүү тармагындагы өнөктөштөр менен мектептин өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү | 2021-2026-жж. | Мектептин администрациясы |
| 7 | Мектептин зоболосун колдоо үчүн атайын акцияларды өткөрүү (мектеп жөнүндө макалаларды гезиттерге жана журналдарга жарыялоо, теле көрсөтүүлөрдөгү, мектептин сайтындагы программаларга катышуу) | 2021-2026-жж. | Мектептин администрациясы |
| 8 | Жөндөмдүү балдардын билим алуу муктаждыктарын канааттандырууну камсыз кылган сырттан, күндүзгү-сырттан, аралыктан окуу мектептери жана курстары жөнүндө маалымат банкын түзүү | 2021-ж., туруктуу жаңылоо | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |

*Багыты: Окуучулардын долбоорлук жана окуу-изилдөө ишин өнүктүрүү*

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо | 2021-2026-жж., жыл сайын | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Окуунун этаптан этапка өтүү улантуучулугун камсыз кылган окуучулардын изилдөөчүлүк маданиятты калыптандыруучу предметтин тереңдетилген программасын иштеп чыгуу | 2021-ж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 3 | Изилдөөнү жүргүзүүнүн негиздерине окуучуларды үйрөтүү боюнча дисциплиналар аралык мүнөздөгү интерактивдүү өнүктүрүүчү курстарды киргизүү:<br>- баштылгыч мектеп – «Акылдуу балдар жана кыздар»;<br>- ортоңку тепкич – «Мен – изилдөөчүмүн»;<br>- жогорку тепкич – «Изилдөө ишинин негиздери» | 2021-2022-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 4 | Окуучулардын «Жаш изилдөөчү» мектептин илимий коомунун даражетин пайдалануу менен окуучулардын долбоорлук жана изилдөө ишинин тутумун уюштуруу | 2021-ж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 5 | Долбоордук жана изилдөөчүлүк ишти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон окуучулар үчүн окуу-усулдук метериалдарды иштеп чыгуу: окуу китептерин жана эскерткичтерди; изилдөө жүргүзүүнүн иштиктүү программасынын белгилөө формаларын; конференцияларды, конкурстарды ж.б. даярдоого жана өткөрүүгө багытталган материалдарды | 2021-ж. | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 6 | Жеке ойлоп табуучулуктарын эске алуу менен өз алдынча изденүүнүн жана эркин тандоонун негизинде окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоо, өнүктүрүү, окуу-изилдөө ишинин жеке траекторияларын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 7 | Тандоону ишке ашыруу ыкмасы боюнча окуучулар менен семинарларды, топтук жана жеке консультацияларды жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүү | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, мугалимдер, психолог |
| 8 | Интеллектуалдык жана чыгармачыл иштин түрдүү чөйрөлөрүндө жөндөмдүү окуучуларды өнүктүрүү үчүн ички иш-чаралар тутумун калыптандыруу | 2021-ж.жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 9 | Жөндөмдүүлүк белгиси бар балдар катыша алган түрдүү деңгээлдеги тышкы иш-чаралар (конкурстар, олимпиадалар, конференциялар, илим күндөрү ж.б.) жөнүндө маалыматтар банкын түзүү | 2021-ж., жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 10 | Жөндөмдүү балдарды өнүктүрүүнү камсыз кылган жана алардын чыгармачыл даражетин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берген түрдүү деңгээлдеги предметтик олимпиадаларга, конкурстарга, конференцияларга жана башка иш-чараларга окуучулардын катышуусун маалымдоо жана уюштуруу | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары, мугалимдер, психолог |
| 11 | Ар жылы өтүүчү жана белгилүү даталарга арналган түрдүү деңгээлдеги илимий-практикалык иш-чараларга катышуу үчүн окуучулардын долбоордук жана изилдөө иштеринин "банкын" түзүү | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары,мугалимдер, психолог |

***Багыты: Мектептин билим берүү мейкиндигин валеологизациялоо***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын ден соолугунун абалынын көрсөткүчүн аныктоо | 2021-2026-жж., жыл сайын | ТИ боюнча директордун орун басары, медициналык кызматкерлер |
| 2 | Окуучулардын ден соолугунун абалына мониторинг жүргүзүү тутумун жакшыртуу, анын жыйынтыктары жөнүндө билим берүү процессинин субъектилерин кабарлоо, тиешелүү сунуштарды берүү | 2021-ж. | ТИ боюнча директордун орун басары, медициналык кызматкерлер |
| 3 | Билим берүү процесснин валеологизациялоо жана саламаттык сактоону уюштуруу | 2021-ж., жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 4 | Баланын компьютердик ресурстарды колдонууда физикалык жана психикалык саламаттыгын сактоо боюнча коргоо жана алдын алуу чараларынын тутумун калыптандыруу | 2022-ж., жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 5 | Билим берүү  процессинде окуучулар туш болгон психикалык жана физикалык жүккө мониторинг жүргүзүү | 2021-2026-жж., жыл сайын | ОТИ боюнча директордун орун басары, психолог педагог |
| 6 | Окуучулардын жана педагогдордун дени сак тамактануусун уюштуруу, медициналык төйлөөнү жакшыртуу боюнча иштерди жакшыртуу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, социалдык педагог |
| 7 | Окуучулар жана алардын үй-бүлөсү менен уюшулган эс алууга байланыштуу программаларды жана долбоорлорду ишке ашыруу (ден соолукту сактоо жана өнүктүрүү), ден соолук күндөрүн тутумдук түрдө өткөрүү; «Дени сак жана коопсуз жашоо образы маданиятын калыптандыруу программасы» | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, дене тарбия мугалимдери, класс жетекчилер |
| 8 | Саламаттык сактоо боюнча маалымат берүүчү материалдарды тандап алуу; мектеп китепканасында, окуу кабинеттериндеги стенддерде маалыматты туруктуу жайгаштырууну уюштуруу | 2021-ж., туруктуу жаңылоо | ТИ боюнча директордун орун басары, китепкананын жетекчиси, класс жетекчилер |
| 9 | Мектептин сайтында дени сак жашоо образынын көйгөйү боюнча маалымат баракчасын иштеп чыгуу | 2021-ж. | ОТИ дана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 10 | Дени сак жашоо образынын баалуулуктарын калыптандырууга багытталган кошумча билим берүүнүн түрдүү формаларын (ийримдер, секциялар, факультативдер, кызыкчылыктар боюнча клубдар, сабактан тышкаркы иштер ж.б.) киргизүү | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 11 | Окуучуларга спорттук-ден соолукту чыңдоо багытында кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу аркылуу мектептин спорт комплексин колдонуунун формаларын жана интенсивдүүлүгүн кеңейтүү | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |

***Багыты: Билим берүү процессин маалыматташтырууну жакшыртуу***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | МБТ-компетенттүүлүгүн калыптандырууда билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын муктаждыктарын аныктоо | 2021-2026-жж., жыл сайын | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын МБТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу (муктаждыктары боюнча). | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ОТИ боюнча директордун орун басары, информатика мугалимдери |
| 3 | Жаңы муундагы электрондук билим берүү ресурстары менен педагогдордун иштөө ыкмасын жакшыртуу | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары |
| 4 | Түрдүү предметтерди жана тарбиялоо ишинин багыттарын программалык каражаттар жана МБТ-жабдуулар менен окутуу процессин камсыз кылуу | 2022-2025-жж., | ОТИ, ТИ жана ЧИ боюнча директордун орун басарлары |
| 5 | Мектептин локалдык тармагын уюштуруу жана кеңейтүү | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ЧИ боюнча директордун орун басарлары, информатика мугалимдери |
| 6 | Мектептин сайтынын мазмунун жакшыртуу жана анын актуалдуулугун жаңыртып туруу | 2021-2026-жж. | директордун орун басарлары, мектеп сайтынын диспетчерлери |
| 7 | Эксперименталдык такшалма аянтчаларын түзүүнүн алкагында класстык жамааттардын ишин чагылдырган мектеп сайтынын бөлүктөрүн түзүү, алардын иштешин камсыз кылуу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 8 | Билим берүү процессинин катышуучулары жана социалдык өнөктөштөр менен мектептин МБТ-өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |
| 9 | Долбоорлук жана изилдөө иштерин таркатууда жана презентациялоодо МБТны колдонууну активдештирүү | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, илимий жетекчи мугалимдер |
| 10 | Жогорку класстын окуучуларын окуу интернет-долбоорлорун түзүүгө тартуу (WEB-баракчаларын түзүү) | 2022-2024-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, информатика мугалимдери |
| 11 | Окуучулар үчүн компьютердик презентациялар конкурсун уюштуруу | 2022-2025-жж., жыл сайын | ОТИ боюнча директордун орун басары, информатика мугалимдери |
| 12 | Башкаруу ишине компьютердик мониторинг жүргүзүүнү киргизүү | 2021-2022-жж. | мектептин администрациясы |
| 13 | Билим берүү процессине компьютердик мониторинг жүргүзүүнү киргизүү | 2021-2022-жж. | мектептин администрациясы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 14 | Колдоо кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн (китепкана, психологиялык-педагогикалык кызмат) ишин компьютерлештирүү | 2021-2022-жж. | китепкананын жетекчиси, психолог педагог, социалдык педагог |

***Багыты: мектептин тарбиялоо тутумун жаңыртуу***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын ыңгайлуулугун, инсандыгынын корголгондугун, мектептин жашоосунун негизги жактарына алардын мамилесин аныктоо | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Мектеп жашоосунун моралдык–адеп-ахлактык, инсандык өнүктүрүүчү, социалдык ачык көндүмүн калыптандырууга багытталган окуучулардын тутумдук руханий – адеп-ахлактык өнүктүрүүнү жана тарбиялоону иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу. «Инсанды руханий – адеп-ахлактык өнүктүрүү жана тарбиялоо» программасы | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 3 | Окуучулардын жарандык-укуктук жана мекенчилдик заманбап тутумун калыптандыруу. «Мектепте жана кичи райондо укуктук мейкиндикти түзүү процессинде окуучулардын жарандык-мекенчилдик маданиятын тарбиялоо» программасы | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, коом таануу мугалимдери, класс жетекчилер |
| 4 | Өзүн-өзү башкаруу принциптеринде мектепти башкаруу тутумунун реалдуу ишине окуучуларды кошуу тутумун жакшыртуу | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 5 | Ыктыярчылар кыймылынын ишине окуучулардын катышуусун уюштуруу, ардагерлерге шефтик жардам берүүнү кеңейтүү | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 6 | Кайрымдуулук акцияларын өткөрүү (кичи райондогу экологиялык кырдаалын жакшыртуу, жетимдерге жана социалдык жактан кооптуу кырдаалга туш болгон адамдарга колдоо ж.б. боюнча) | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, жол баштоочу, класс жетекчилер |
| 7 | «Укуктук консультация» интерактивдүү социалдык долбоорун иштеп чыгуу жана жайылтуу | 2021-ж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары, социалдык педагог |
| 8 | Мектептин бөлмөлөрүн жасалгалоо долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча окуучулар үчүн дизайн-конкурс уюштуруу | 2021-2022-жж., | ТИ боюнча директордун орун басары, жол баштоочу |
| 9 | Түрдүү социалдык көйгөйлөрдүн конструктивдүү чечимдерин аныктоо боюнча чыгармачыл иш-чаралардын тутумун калыптандыруу | 2021-2026-жж., жыл сайын түзөтүү | ТИ боюнча директордун орун басары, жол баштоочу, класс жетекчилер |
| 10 | Шаардын, аймактын, өлкөнүн башка билим берүү мекемелерин менен достук байланыштарды өнүктүрүү | 2021-2026-жж. | ОТИ жана ТИ боюнча директордун орун басарлары |

***Багыты: Окуучулардын ата-энелери менен өз ара аракеттенүү***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энелердин баласынын окуусунун, тарбиялануусунун жана өнүгүүсүнүн жыйынтыктары менен канааттанганын аныктоо | 2021-2026-жж., жыл сайын | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Ата-энелер менен педагогдордун өнөктөштүк мамилелерин калыптандыруу, мектептин жашоосуна, мектептин метериалдык-техникалык базасын бекемдөөгө жана модернизациялоого ата-энелер коомчулугунун катышуусун уюштуруу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 3 | Окуучулардын долбоорлук жана изилдөө иштерин жүзөгө ашырууга ата-энелердин катышуусу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары |
| 4 | Сабактан тышкаркы иштерди уюштурууга ата-энелер коомчулугун тартуу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, сабактан тышкаркы иштер боюнча методист |
| 5 | Балдардын жөндөмүн өнүктүрүү маселелери; психодиагностикалык изилдөөлөрдүн жана медициналык кароолордун жыйынтыктары боюнча ата-энелер үчүн консультацияларды уюштуруу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, психолог педагог, социалдык педагог |
| 6 | Үй-бүлөлүк жана коомдук байланыштарды бекемдөөчү биргелешкен балдар-чоңдор иш-чараларын уюштуруу жана өткөрүү | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 7 | Мектептин сайтынын, электрондук күндөлүктөр жана журналдар тутумунун жардамы менен окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен мектептин МБТ-өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер |
| 8 | Ата-энелердин МБТ-компетенттүүлүгүн жогорулатуу (муктаждыктары боюнча). «Билим берүү процессинин катышуучуларынын МБТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу» программасы | 2021-2026-жж. | ТИ боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер, информатика муг |

***Багыты: Мектептин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Мектепти ИНТЕРНЕТ-байланышы менен булалуу оптика камсыздоо тутумуна кошуу | 2021-ж. | ЧИ боюнча директордун орун басары |
| 2 | Мектептин локалдык тармагын уюштуруу жана кеңейтүү | 2021-2022-жж. | ЧИ боюнча директордун орун басары |
| 3 | Мектептин интернет-сайтынын түзүмүн жана мазмунун жаңыртуу | 2021-ж. жыл сайын | директордун орун басарлары |
| 4 | Билим берүүнүн заманбап каражаттары менен окуу кабинеттерин жабдууну улантуу (тиешелүү лицензияланган программалык камсыздоосу бар компьютерлер, компьютердик проекторлор, интерактивдүү такталар, музыкалык борборлор | 2021-2026-жж. | мектептин директору, ЧИ боюнча директордун орун басары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ж.б.) | | |
| 5 | Кабинеттерди жабдууну улантуу жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуу | 2022-2025-жж. | мектептин директору, ЧИ боюнча директордун орун басары |
| 6 | Окуучулардын таанып-билүү кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн атайын бөлмөлөрдү жабдуу: башталгыч мектепте - өз алдынча окуу борборлору жана өз алдынча окуунун тематикалык борборлору (класс бөлмөлөрүндө уюштурулат); ортоңку звенодо – көп функциялуу окуу-изилдөө борбору | 2021-ж. | ЧИ боюнча директордун орун басары, мугалимдер |
| 7 | Маалыматтык китепкана борборун түзүү; китепкана-маалыматтык ишти автоматташтыруу каражаттарын киргизүү; аудио- жана видеомаалыматты алып жүрүүчүлөрдү топтоо; Интернетке жеткиликтүүлүк менен медиатека түзүү | 2021-2022-жж. | мектептин директору, китепхананын жетекчиси |
| 8 | Физика, химия жана биология боюнча окуу лабораторияларын, өнөрканаларды заманбап жабдуулар менен жабдууну улантуу | 2021-2026-жж. | мектептин директору, ЧИ боюнча директордун орун басары, мугалимдер |
| 9 | Лингафондук кабинетти түзүү жана жабдуу | 2022-ж. | мектептин директору, ЧИ боюнча дир о б |
| 10 | Медициналык кабинетти, психолог педагогдун кабинетин жабдууларын модернизациялоо | 2021-2026-жж | мектептин директору, ЧИ боюнча дир о б |

***<u>Багыты: Инновациялык ишти психологиялык-педагогикалык колдоо</u>***

| № | Иштин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Таланттуу балдарды, таланттын белгиси бар балдарды, жөн гана жөндөмдүү балдарды аныктоо, эгер мүмкүн болсо, алардын жөндөмдөрүн сапаттуу өнүктүрүү | 2021-2026-жж | психолог педагог, мугалимдер, класс жетекчилер |
| 2 | Биринчи класстын окуучуларын мектепке даярдыгын аныктоо. «Мектепке даярдоо» программасы | жыл сайын | психолог педагог |
| 3 | Окуучулардын жеке билим берүү траекторияларын тандоо жөнүндө маалыматтарын камтыган маалымат банкын түзүү | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, психолог педагог |
| 4 | Кесиптик өз алдынчалыгын аныктоо боюнча иштин процессинде жүргөн сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдү аныктоого жана көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берген диагностикалык шаймандарды апробациялоо жана жайылтуу | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, психолог педагог |
| 5 | Академиялык жетишкендиги, мотивациялык чөйрөсү (билим берүү мотивациясынын түзүмү, ийгиликке жетүү мотивациясы – ийгиликсиздиктен качуу); креативдүүлүгү, өзүн-өзү баалоосу; субъективдүүлүгү; инсандык автономдуулугу-көз карандылыгы; тынчсыздануусу ж.б. багыттар боюнча | 2021-2026-жж. | ОТИ боюнча директордун орун басары, психолог педагог |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуучулардын жетишкендиктерине, жеке сапаттарына жана көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө (маалымат банкына ылайык) мониторинг жүргүзүү | | |
| 6 | Психолог педагогдун балдар менен иштөөсүн уюштуруу (сүйлөшүүлөр, психологиялык тренингдер, жеке консультациялар) | 2021-2026-жж. | психолог педагог |
| 7 | Психодиагностикалык изилдөөлөрдүн жана медициналык кароолордун жыйынтыктары боюнча ата-энелер үчүн консультацияларды уюштуруу | 2021-2026-жж. | психолог педагог, социалдык педагог, логопод мугалим |
| 8 | Педагогикалык процесстин шарттарына окуучулардын социалдык-психологиялык көнүшүү процессин аныктоо | 2021-2026-жж. | психолог педагог |
| 9 | Окуучулардын психологиялык саламаттыгын жана ыңгайлуулугун камсыз кылган эмоционалдык-эрктүү чөйрөнү аныктоо жана түзөтүү | 2021-2026-жж. | психолог педагог |

**6. 2021-2026-жалдарга карата Өнүктүрүү программасын ишке ашыруу этаптары**

***Биринчи этап (2021-ж.)*** - даярдоо: мектеп ишине түзүмдүк инновацияларды иштеп чыгуу жана киргизүү.

**Милдеттери:**

- мектептин учурдагы педагогикалык практикасын талдоо;
- Программаны ишке ашыруунун ресурстук базасын (ченемдик-укуктук, кадрдык, материалдык-техникалык, маалыматтык) даярдоо;
- Программаны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон уюштуруучулук-усулдук камсыздоону иштеп чыгуу;
- инновациялык өзгөртүүнү ишке ашыруу боюнча мектептин кызматчыларынын жоопкерчилик жана ыйгарым укуктар чөйрөсүн бөлүштүрүү;
- академиялык жетишкендиги, мотивациялык чөйрөсү (билим берүү мотивациясынын түзүмү, ийгиликке жетүү мотивациясы – ийгиликсиздиктен качуу); креативдүүлүгү, өзүн-өзү баалоосу; субъективдүүлүгү; инсандык автономдуулугу-көз карандылыгы; тынчсыздануусу ж.б. багыттар боюнча окуучулардын жетишкендиктерине, жеке сапаттарына жана көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө (маалымат банкына ылайык) мониторинг жүргүзүү; көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөрдүн абалынын баштапкы деңгээлин белгилөө;
- баласын окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жыйынтыктарына ата-энелердин канааттануусун; окуучулардын инсандыгынын жайлуулугу, коопсуздугу, кошумча билим берүү кызматтарына окуучулардын жана алардын ата-энелеринин муктаждыктарын; педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуудагы муктаждыктарын диагностикалык изилдөө;
- билим берүүнүн көйгөйлүү, изилдөөчүлүк, долбоорлук, оюн ыкмаларын колдонууга, тутумдук-аракеттенүү мамилесин ишке ашырууга негизделген инновациялык педагогикалык технологияларды, анын ичинде саламаттык сактоочу технологияларды киргизүү;
- инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну камсыз кылган программаларды иштеп чыгуу;
- окуучулардын билим берүүнүн жыйынтыктарынын үч: инсандык, метапредметтик жана предметтик тобу боюнча жетишкендиктерин баалоого комплекстүү мамилենин негизинде ОБПны (баскычтары боюнча) өздөштүрүүнүн пландаштырылган жыйынтыктарынын жетишкендиктерин баалоо тутумун иштеп чыгуу;
- портфолионун негизинде окуучулардын жетишкендиктерин комплекстүү баалоо моделин иштеп чыгуу.

**2022-2025-жж. – практикалык**: мектептин билим берүү чөйрөсүндө айрым инновациялардан тутумдук жана туруктуу өзгөрүүлөргө өтүшү.

**Милдеттери:**

- окуучулардын жетишкендиктеринин, жеке сапаттарын жана көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн ортодогу этаптарына мониторинг жүргүзүү (маалымат банкынын маалыматына ылайык);
- балдардын жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө сапаттык секирик жасоого үмүт бергендерди аныктоо боюнча ишти улантуу;
- ата-энелердин баласынын окуу, тарбия алуу жана өнүгүү жыйынтыктары менен канааттануусуна; окуучулардын инсандыгынын жайлуулугуна, коопсуздугуна, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин кошумча билим берүү кызматтарына болгон муктаждыктарына; педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуудагы муктаждыктарына ортодогу диагностикалык изилдөө жүргүзүү;
- инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну камсыз кылган программаларды киргизүү;
- окуучулардын билим берүүнүн жыйынтыктарынын үч: инсандык, метапредметтик жана предметтик тобу боюнча жетишкендиктерин баалоого комплекстүү мамиленин негизинде ОБПны (баскычтары боюнча) өздөштүрүүнүн пландаштырылган жыйынтыктарынын жетишкендиктерин баалоо тутумун киргизүү;
- портфолионун негизинде окуучулардын жетишкендиктерин комплекстүү баалоо моделин ишке ашыруу;
- окуучуларга изилдөө жүргүзүүнүн негиздерин окутуу боюнча дисциплиналар аралык мүнөздөгү интегративдүү өнүктүрүүчү курстарды киргизүү;
- инновациялык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууну камсыз кылган мугалимдер жана окуучулар үчүн окуу-усулдук материалдарды киргизүү,;
- программаларды ишке ашырууда усулдук жардам көрсөтүү, тажрыйба алмашуу жана мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу;
- билим берүү программаларынын, усулдук материалдардын, диагностикалык усулдардын маалымат банкын толуктоо жана жаңыртуу.

**Үчүнчү этап (2026-ж.) – түзөтүү-аналитикалык: өнүктүрүү программасын киргизүү боюнча мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуулугунун негизинде ишке ашырууну түзөтүү; жетишилген натыйжаларды талдоо, тутумдаштыруу жана жалпылоо, билим берүү мекемесин андан ары өнүктүрүү стартегиясын иштеп чыгуу**;

**Милдеттер:**

- инновациялык иштин жыйынтыктарын салыштырып талдоо жана жалпылоо;
- бүтүрүүчүлөрдүн ийгиликтүүлүгүнө, окуучулардын инсандык сапаттарына жана көндүмдөрүнө мониториг жүргүзүүнүн акыркы этабын өткөрүү (маалымат банкынын маалыматына ылайык);
- ата-энелердин баласынын окуу, тарбиялоо жана өнүгүү жыйынтыктары менен канааттануусунун; окуучулардын инсандыгынын жайлуулугунун, коопсуздугунун, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин кошумча билим берүү кызматтарына болгон муктаждыктарынын; педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуудагы муктаждыктарынын жыйынтыктоочу диагностикалык изилдөөлөрүн өткөрүү;
- жөндөмдүү балдар менен иштөөнү уюштуруу боюнча мугалимдердин ишине талдоо;
- жыйынтыгы жаңы программаны иштеп чыгууга өбөлгө болуп саналган мониторингдик изилдөөлөрду жүргүзүү.

## 7. Күтүлгөн жыйынтыктар жана аларга жетүүнү баалоо үчүн индикаторлор

| Негизги күтүлгөн жыйынтыктар | Күтүлгөн жыйынтыктарга жетүүнү баалоо үчүн индикаторлор |
|---|---|
| билим берүү мектемесинин аттестациясынын базалык талаптарына № 87 ЖОББМда билим берүү сапатынын шайкештиги | - лицензиялоодон жана аккредитациядан өтүү |
| окуучулардын жеке жана интеллектуалдык өнүгүүсү | - изилдөөнүн жүрүшүндө белгиленген окуучулардын жеке, интеллектуалдык көрсөткүчтөрүнүн оң |

| | |
|---|---|
| | динамикасы |
| билим берүүнүн сапатын жогорулатуу | - билим берүү сапатынын көрсөткүчтөрүнүн оң динамикасы |
| заманбап саламаттык сактоо технологияларын жана МБТны колдонуу менен тутумдук-аракеттенүү мамилесинин негизинде билим берүү процессин куруучага педагогикалык жамааттын даярдыгы | - педагогдордун заманбап саламаттык сактоо технологияларын, МБТны, тутумдук-аракеттенүү мамилесин өздөштүрүүсү: оптималдуу деңгээлде – 30%, жетиштүү деңгээлде – 40%, мүмкүн болгон деңгээлде – 30% |
| мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу | - категорияларга аттестациядан өткөн педагогдордун санынын өсүшү;<br>- окуучулардын изилдөөчүлүк иштеринин илимий жетекчи мугалимдеринин санынын өсүшү;<br>- түрдүү деңгээлдеги усулдук иш-чараларды (семинарларды, конференцияларды, мастер-класстарды, ачык сабактарды ж.б.) уюштурууга, өткөрүүгө катышкан педагогдордун санынын өсүшү |
| жалпы жана кошумча билим берүүнү интеграциялоо үчүн шарттарды түзүү | - окуу шарттары, тарбиялоо жана өнүктүрүү шарттары, мектепте инсандын ыңгайлуулугу, корголгондугу менен окуучулардын, алардын ата-энелеринин канааттануусу;<br>- балдардын жетишкендиктерин көрсөтүүгө багытталган иш-чаралардын санынын оң динамикасы;<br>- мектепте кошумча билим берүү тутумунун иш-чараларына (ийримдер, секциялар, факультативдер, кызыкчылыктар боюнча клубдар, сабактан тышкаркы иштер ж.б.) катышкан окуучулардын саны 70%га чейин өсүшү;<br>- билим берүү кызматтарынын тизмесинин 10%га чейин кеңейиши;<br>- балдардын, алардын долбоордук-изилдөөчүлүк иши жөнүндө, ошондой эле илимий жетекчи мугалимдер тууралуу маалыматтарды камтыган маалымат банкынын түзүлүшү |
| мектептин билим берүү-маалымат чөйрөсүн жакшыртуу, кошумча маалыматташтыруу ресурстарын кошуу | - ИНТЕРНЕТ-байланышынын булалуу оптика тутумуна мектепти кошулушу;<br>- мектептин локалдык тармагынын иштеши;<br>- мектеп сайтынын жаңыртылышы жана колдонуунун натыйжалуулугу;<br>- класстык жамааттардын ишин чагылдырган мектеп сайтынын бөлүмдөрүн түзүлүшү жана иштеши;<br>- башкаруу ишинде электрондук иш кагаздарды жүгүртүүнүн, билим берүү процессине компьютердик мониторинг жүргүзүүнүн киргизилиши;<br>- мүмкүн болгон деңгээлге чейин билим берүү процессинин катышуучуларынын МБТ-компетенттүүлүгүнүн калыптанышы |
| түрдүү деңгээлдердеги долбоорлук жана изилдөөчүлүк ишке педагогдордун жана окуучулардын катышуусунун жогорку активдүүлүгү жана натыйжалуулугу, окуучулардын сабактык жана сабактан тышкаркы иштерин интеграциялоо жүрдү, кошумча билим берүү мекемелеринде окуучулардын окуу мүмкүнчүлүгү кеңейтилди | - мектептин деңгээлинде долбоорлук жана изилдөө ишин аткарган окуучлардын санынын өсүшү;<br>- окуучулардын илимий коомунун ишинин уюштурулушу жана илимдин жана башка билим берүү мекемелеринин өкүлдөрүнүн катышуусу менен жалпы мектептик конференциялардын жыл сайын өткөрүлүшү;<br>- шаардык, облустук, бүткүл кыргызстан боюнча өткөрүлгөн конференциялардын, конкурстардын катышуучуларынын жана жеңүүчүлөрүнүн санынын |

| | |
|---|---|
| | көбөйүшү; предметтик олимпиадалардын жеңүүчүлөрүнүн санынын көбөйүшү;<br>- долбоорлук жана изилдөөчүлүк иштерди аткаруунун санынын жогорулашы;<br>- түрдүү деңгээлдеги илимий-практикалык иш-чараларга катышкан, макалаларды жана тезистик баяндамаларды жарыялоону ишке ашырган педагогдордун санынын өсүшү |
| билим берүүнүн муниципалдык жана аймактык тутумдарында мектептин педагогикалык жамаатынын инновациялык ишинин жыйынтыктарын көрсөтүп берүү | - башка билим берүү мекемелеринин мугалимдери жана жетекчилери үчүн мектептин базасында илимий-усулдук иш-чараларды өткөрүү;<br>- окуучулардын сабактан тышкаркы ишин уюштуруу боюнча, бүтүрүүчүлөргө кесиптик өз алчынчалыгын аныктоого жардам көрсөтүү боюнча тажрыйбаны башка билим берүү мекемелерине көрсөтүп берүүгө мүмкүндүк берген окуу-усулдук материалдарды жарыялоо үчүн даярдоо;<br>- түрдүү деңгээлдеги илимий-практикалык иш-чараларга катышкан, макалаларды жана тезистик баяндамаларды жарыялоону ишке ашырган педагогдордун санынын өсүшү |
| кичи райондун маданий-билим берүү борбору катары мектептин зоболосун түзүү | - окуучулардын контингентинин өсүүсүнүн оң динамикасы;<br>- кичи райондо, шаарда өткөрүлгөн иш-чаралардын санынын өсүшү;<br>- мектептин сайтынын кирип көрүүчүлөрүнүн санынын өсүшү;<br>- мектепке арналган ЖМКлардагы позитивдүү жарыялардын санынын өсүшү |
| мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу | - окуу кабинеттерин заманбап билим берүү каражаттары менен жабдуу 100%га өстү;<br>- маалымат-китепкана борборун, лингафондук кабинет түзүү;<br>- физика, химия жана биология боюнча окуу лабораторияларын заманбап жабдуулар менен жабдуу;<br>- медициналык, стоматологиялык, логопеддик кабинеттердин, психолог педагогдун кабинетинин жабдууларын модернизациялоо |

## 8. Программаны ишке ашыруу механизми

Өнүктүрүү программасы мектептин педагогикалык кеңешинин отурумунда каралып, бекитилет жана мектептин директорунун буйругу менен ишке киргизилет. Пландоо горизонту – 5 жыл.

Программа этабы жана жылдык пландаштыруу менен инновациялык иштин багыттары боюнча ишке ашырылат.

Программаны ишке ашыруунун ортодогу жыйынтыктары жалпысынан жана багыттары боюнча жыл сайын жыйынтыктоочу педагогикалык кеңеште чыгарылат. Программаны этабы боюнча ишке ашыруунун жыйынтыгы мектептин сайтына жарыяланат.

Өнүктүрүү программасын ишке ашыруунун акыркы этабында «Мектептин ишин көйгөйлүү-позициялык талдоо» деген мониторигдик изилдөө жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы жаңы өнүктүрүү программасын иштеп чыгууга өбөлгө болуп саналат.

## 9. Тобокелдиктер жана алардын таасирин төмөндөтүү

| Тобокелдиктер | Алардын таасир этишин төмөндөтүү жолдору |
|---|---|
| педагогикалык жамааттын билим берүүдөгү инновациялык процесстерге каршылыгы, анын ичинде билим берүү процессинде МБТны жана инновациялык педагогикалык технологияларды колдонууга мугалимдердин даярдыгынын жетишсиздиги, мугалимдердин милдеттеринин көбөйүшү | өнүктүрүү программасынын милдеттерине ылайык заманбап маалымат технологияларынан баштап персоналдык компьютерлерди жана глобалдык маалымат тармактарынын ресурстарын колдонууга чейинки курстук даярдоону артыкчылыктуу каржылоо |
| педагогдордун иштөө практикасында эски натыйжасы аз ата-энелер мене иш алып баруу формасынын сакталышы жана анын жыйынтыгында ата-энелердин мектеп көйгөйлөрүнөн баш тартышы | мектепте билим берүү процессин жаңылоого жана жаңы мектепти түзүүгө башкаруунун жана усулдук иштердин мотивация берүүчү мүнөзүн, анын ичинде сыйлоо тутуму, кошумча акы тутуму жана кызыктыруучу кошумча акы аркылуу жогорулатуу |
| билим берүү процессинин катышуучуларынын кандайдыр бир кескин өзгөрүүлөргө психологиялык жактан даяр эместиги | билим берүү процессинин түрдүү категориядагы катышуучуларынын баштапкы даярдыгына диагностика жүргүзүү |
| окуу жана окуудан тышкаркы иштердеги баланын өзүн-өзү ишке ашыруу жана өнүктүрүү көйгөйлөрүнө ата-энелердин бир бөлүгүнүн кызыкчылыгынын төмөндүгү | - билим берүү мекемесинин ачыктык чөйрөсүн кеңейтүү;<br>- мектептин ИНТЕРНЕТ сайтын жаңылоо жана натыйжалуу пайдалануу |
| ата-энелердин маалымат маданияты деңгээлинин төмөндүгү | - иштиктүү түрдөгү заманбап маалымат жана билим берүү технологияларынын артыкчылыгын жайылтуу;<br>- балдардын талантын өнүктүрүү маселелери; психодиагностикалык изилдөөлөрдүн жана медициналык кароолордун жыйынтыгы боюнча ата-энелер үчүн консультацияларды уюштуруу;<br>- ата-энелердин МБТ-компетенттүүлүгүн калыптандырууга жардам |
| кошумча билим берүүнү өнүктүрүү үчүн мектептин материалдык-техникалык базасынын аянтын жана мүмкүнчүлүктөрүн чектөө | кошумча билим берүү чөйрөсүндө социалдык өнөктөштөр менен күчтөрдү бириктирүү боюнча активдүү, максатка багытталган иш |
| мониторинг жүргүзүүнүн бирдиктүү кызматы түзүлгөн эмес, мындан улам тигил же бул объектиге мониторинг жүргүзүүгө жооптуулардын аракети координацияланган эмес, мониторингдик изилдөө жүргүзүү жана аларды талдоо боюнча иштер пландалган эмес | мониторинг жүргүзүүнүн бардык түрлөрүн, анын айрым элементтерин жана звенолорун иетодикалык иштер боюнча директордун орун басарынын бирдиктүү жетектөөсүнүн алдына бириктирүү |
| жыйынтыктарды талдоонун жүрүшүндө аныкталган иштин түзөтүү механизмдери иштелип чыккан эмес | жыйынтыктарды күндөлүк талдоонун жүрүшүндө аныкталган иштин түзөтүү механизмдерин иштеп чыгуу |
| окуучуларга жол берилген окуу жүктөмүнүн көбөйүшү | - окуучунун бардык окуу жүктөмүнүн түрлөрүн эсептөө жана анын көлөмүн 2.4.2.2821-10-СанЭжЧнын талаптарына ылайык жөнгө салуу |

| | |
|---|---|
| педагогикалык өз ара аракеттенүү вариантын колдогон илимий жетекчи мугалимдердин даярдыгынын жетишсиздиги | - педагогикалык колдоону ишке ашыруунун теориялык жана практикалык маселелери боюнча психологиялык-педагогикалык адабияттарды окуу;<br>- тажрыйбалуу педагогдордун аталган багытта иштеп баштаган мугалимдерди колдоосу |
| окуучулардын колдоочу педагогикалык өз ара аракеттенүү вариантына даярдыгынын жетишсиздиги | өз алдынчалыктын чоңураак деңгээли менен мүнөздөлгөн өз ара аракеттенүүнүн жаңы деңгээлине окуучунун өтүшүн кызыктырууда жаш изилдөөчүнүн каалоосуна шайкеш келген вариантта (насаатчылык, жардам, колдоо, коштоо) педагогикалык колдоону пайдалануу |

## 10. Программанын аткарылышын башкарууну жана контролдоону уюштуруу тутуму

Программанын аткарылышын туруктуу контролдоону № 87 ЖОББМнын администрациясы жыйынтыктоочу педагогикалык кеңеште жыйынтыктарды жыл сайын талкуулоо менен ишке ашырат.

Контролдун жыйынтыгы жыл сайын мектептин сайтына жарыяланат, түрдүү деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларда, эл алдындагы баяндамаларды, семинарларда, талкуу аянтчаларында сунушталат.